Ала Тоо

АЙ САЙЫН ЧЫГА ТУРГАН АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖАНА КООМДУК-САЯСИЙ ЖУРНАЛ

КЫРГЫЗСТАН ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН ОРГАНЫ

МАЗМУНУ

БООРДОШ ЭЛДИН АДАБИЯТЫНАН

Александр БЛОК. Досторума, «Көмгөндөн соң жер түбүнө жашырып...», «Кеме келип токтоп калды...», ырлар . . 3

Владимир МАЯКОВСКИЙ. Теодор Неттеге — инсанга жана пароходго, ыр . . . 5

Анна АХМАТОВА. Муза, Түш, ырлар . 7

Марина ЦВЕТАЕВА. «Түйшүктөрүн унутсун деп жөлөгүм...», «Менин күнүм, жеңкүн дебе каңгыган...», Цыгандардын үйлөнүү тою, ырлар 8

Александр ТВАРДОВСКИЙ. «Ата-баба айткан кептин чындыгы...», Жүрүштө, ырлар 9

Николай РУБЦОВ. Элегия, Түнкү ыр, ырлар 10

Белла АХМАДУЛИНА. Пабло Нерудага кечиккен жооп, Көпөлөк, ырлар . . 11

Ашым ЖАКЫПБЕКОВ, Кеңеш ЖУСУПОВ. Манас. Чоң казаттан, кара сөздө . 13

Насирдин **БАЙТЕМИРОВ.** Ойлорум — учкул канатым 64

Качкынбай **ОСМОНАЛИЕВ.** Бүркүтчү, болумуш 68

АДАБИЙ МУРАС

Байыркы Күлтегин эстелиги (VI—VIII кылымдардагы түрк поэзиясынан) 96

ИЗДЕНҮҮ, ТАБЫЛГА, ЭСКЕРҮҮ

Кусеин КАРАСАЕВ. Баштан өткөн мажаралар, эскерүүлөрдөн . . . 100

ЖАШ КАЛЕМ

Майрамкан ЖУМАНОВА. Ырлар 127

РАЙКАН ШҮКҮРБЕКОВДУН ТУУЛГАН КҮНҮНӨ 75 ЖЫЛ

Байдылда САРНОГОЕВ. Өлбөс сөздүн ээси 129

№ 9

СЕНТЯБРЬ

1988

1931-жылдан бери чыгат

Таалай КУРМАНОВ, 1949.

«Сейтек» эпосуна тартылган сүрөт.

№

СЕНТЯБ

198

1931-жыл
бери чыг

Ашым Жакыпбеков, Кенеш Жусупов

«Манас»

КАРА СӨЗДӨ

Чоң казаттан

Капкасы алтын Ордодо Манас такта отуру. Оң жагында отуз төрт каны бар, сол жагында кырк көйкашка чоролор. Кепкенеш Чоң Казаттын камылгасы тууралуу. Көкөтөйдүн ашынан кийинки улуу кеңеште бүтүм болгондой чыпчаң бир жыл өтүп, камылга кызуу жүрүп, аяктап калган кези. Коштун камы, элдин камы, күлазыктын камы, жортуулдун жолу, ооруктун орду туурасында Бакай кеп салып отуру. Аскердин шайы, машыккан жайы, чогулган саны, каруу-жарактын камы жөнүндө Алмамбет кеп салып отуру. Чалгындын кабарын, жибек тарткан кербендердин саламын, шамандардын шыбырын, душмандын кыбырын Ажыбай кеп салып отуру. Анын айтуусунда кыргыздан тынчы чыкпаптыр, калмак-кытай али шек-шыбаасыз жаткан экен. Манас ойлуу, алда-немеге бушайман шекилдүү.

— Тиги Эр Төштүктүн тоюнда ак боз бээ союшуп, канына кол салып ант кылгандар кандай экен? — деди төрө.

— Ал алты хан али келбеди,— деди Алмамбет.

— Алты хандын анткени же бизди каптап басып келмеги, же тескери карап кетмеги,— деди Ажыбай.

— Ант ургурлар! — деп сакалын булкуп алды Бакай.

— Кайда барат, калмак-кытай эл кылабы ошолорду,— деп кенебеди айкөл.

Ал арагыча сырттан доол кабар болду да, уруксат алган Капка башы Жоорунчу босогодон көрүндү.

— Жол болсун? — деди Манас.

— Султан төрөм, кебиңерге аралжы. Кабагыңды бүркөсөң кар түшкөндөй көрөбүз, мыйыгыңан жылмайсаң күн тийгендей көрөбүз. Алты атчан келди алыстан. Мингендери Кашкар тулпар түспөлдүү. Өздөрүнүн өң-түспөлү элчи сыяктуу. Капкага жуук жолотпой баштарын алдырып салмак элем, Айкөл, өзүнө кирсек деген ниеттерин айткан соң тийбедим...

Кыраан Манастын кыл муруту солк этти, мыйыгынан бүлк этти.

— Аба,— деп Бакайга жылмайды,— алиги ант ургурларынын элчилери келген болор. — Кайра Жоорунчуга айтты: — Сырттандыгыңан тайбай сыяпат менен киргизгин.

Жоорунчу ызаат кылып, арты менен кайтып чыкты.

Алиги Манас айткан алты хан кол малчу ак боз бээнин каны, бу элчилердин келмеги мындай болуучу.

Сепил ичинин ортосубу, үйдөй орду тегерек болуп кеңиген бир жерге жеткенде алдынан атчан Ырчуул, Бозуул чыкты. Ал экөөн ортосунан жарып, Тазбаймат илгери суурулду. Элчилер Манас ушу болсо керек деп жүгүнүштү. Дагы салам айтышты, алик жок, амандык сурашты, шүгүр жок. Ошондо Ордо доол дүп этти. Эми желдеттер азайып, ар бир элчини үч желдет узатты: бири оң колунан, бири сол колунан алып, үчүнчүсү желкесинен жер карата түртүп, жүткүндүрө дагы чуркатып жөнөштү. Элчилер аманат жандан эми чындап түңүлдү. Алтын дарбазалуу Ордонун астына жеткенде желдеттер дагы алмашты, найзаларын айкалыштырып ооздо турган каруу-жаракчан кароол эки жакка кетенчиктей берип жол ачканда Жоорунчу ичкери кирип кетти. Ошол замат ичтен ар бир элчиге дагы үчтөн Ордо желдеттери чыгып келип, желкесине үч миздүү канжарларын такап, ичкери алып кириштп. Бөлмөдөн бөлмө уланып, үңкүйө баскан элчилерге туш-тараптан урган салкын аба, аңкыган жыт, ала шоокум нур гана сезилет. Акыры кош каалгалуу алтын эшик ачылганда желдеттер ар бир элчини желкесинен ныгыра басып, астанага чекелерин тийгизди, андан өткөрүп, ичкериде дагы ныгырып, жаактарын жерге жабыштырды. Ошондон кийин гана желдеттер кетенчиктей берип, элчилер баштарын көтөрдү: көздөрү тунарып калган немелер оболу ажырата жан көрө албай, алтын нур балкыган шоокум нурга баштары айланды. Аздан соң гана аалам батса сыйгыдай Ак Сарайдын төрүн көрүштү. Төрдө алтын тактыда заңгар кан отуруптур. Эки далысында арстан менен жолборстун сүрөттөрү марайт. Желкесинде Бөрүнүн сүрөтү чамынат. Оң жагында кырк бир кан, сол жагында кырк чоросу зымпыят. Салам айтты элчилер, алик жок. Жакшылашты элчилер, шүгүр жок. Элчилер жалдырап, бу көргөнү түшү сыяктуу болду. Баары эле тунжурайт. Маалкатып туруп, акыры буурул сакал Бакай алик алды. Элчилер көздөрүн ача албай сүрдөп, үңкүйдү.

— Көмүктөн ачып алгандай бу силер кимсиңер? Ачылбаса ада болсун көзүңөр, айтууга барбы сөзүңөр?! — деп Ажыбай ачуулана барк этти.

«Ушу көй төрөлөргө кастык ойлогон акмак экен алты кан» деп ойлоду элчилер. Жалтайлап көз ача албайт, тамтандап сөз айта албайт, камоого түшкөн элчилер карбаластап капчыгынан кандары берген кагазды калтаарып араң сууруп чыгышты. Кимге берерин билбей, туш келди сунушту. Ошенткен калыпта дагы бир топ жалдырап турушту. Бир убакта оң жактан зерлүү таажы башында, алтын кемер белинде берен Сыргак ордунан турду кымпыйып, басып келип катты алды да, барып султанынын алдына жаза кармады.

Айкөл көз жүгүртө окуп чыкты да, мыйыгынан жылмайды.

— Тийишкен экен бектерим! Көктөн күткөнүм жерден өзү бүткөнүн кара! — деп заңк этти да, ээк какты.

Жоорунчу элчилерди ээрчитип кетти. Ошону менен алар Манасты алты күн катар көргөн жок. Сыйлуу мейман болушуп, Сарайда жыргап жатышты. Корккондорун бири-бирине айтышып, көп кызыкка батышты. Жетинчи күнү болгондо алты элчини Айкөлдүн алдына апкелишти кайрадан. Тикесинен тик турган элчилерге Манас муну айтты:

— Каныңарга менден салам айтып баргыла. Атандын көрү алты хан, айтарын билбей тантыган!.. Кырк күнү күтөм аларды. Кыркынчы күнү келишсин!..— Ушуну айтты да, Манас элчилерге кат берди.

Анан сыйын көрсөттү: алтооно алтын жаңы дейилде алтымыш сарпай кийгизди, алты бедөө мингизди. Ошентип элчилерди жолго салды.

Элчилер элине барды, катыны кыйын, кызы арзан, жайы кыйын, кышы арзан, Керме-Тоонун оюна барды, али тарап кете элек эр Төштүктүн тоюна барды. Аңкайып күтүп отурган алты канга көргөн-билгендерин айтып берди. Андан соң катты окушту. Катта Манас жазыптыр: «Ант урган алты кан! Эл керекпи силерге, жер керекпи силерге? Так керекпи силерге, же бас болду деп башыбыз, дөөлөт-бак керекпи силерге? Алтоон эмес алтымышың келгиле, келип анан көргүлө! Оболу

элдин башын бир
тан намысты тарты
унутуп калдыңарбы
жоону жайлап ал
йын, кан болом де
колуңарды көп жы
со каап ал, алын
нарды ойго кошуп
кытайга тынчы ж

Бул катты оку
куюп отуруп калды

Эртелеп эсине

— Бабаңдын
Ажыдаардын куйр
сан канкор Манас

Музбурчак ай

— Кошойдун
курда, тирүү бол
эми бизди эмне д
тээр «бузукту сен

Жамгырчы ай

— Мени айта

Санжыбек ай

— Мени айта

Көкчө айтты:

— Мени айта

Үрбү айтты:

— Мени айт

Акырында Т

— Мынча б
лып чогу түшүп
кордун. Каарын
жоого бирге бар

Бузукунун к
чүк жагы кыпыл

Убада саат
ойгонду, ардеме
журтум аз эле,
экен?..» Акыры
тени колго алып
Азем менен бак
үстүнө үкүнүн
нан чечип алган
до үстүндөгү Т
аягы алаканда
Көк Туу бу дөб
алган. Туу Чоку
эки капталы че

— күн батыш
Алты жүз арка
Күндүр-түндүр
рып багып тур
Туу Чокуга чы
дай коргошунд

элдин башын бир кылып, жердин кыйырын чың кылып, кытай-калмактан намысты тартып алсак боло! Же аштан кийинки кенештин кебин унутуп калдыңарбы? Ичибизден ит-мышыкча тытышпай, оболу чет жоону жайлап алсак боло! Андан соң зор болом дегениңди зор кылайын, кан болом дегениңди кан кылайын. Жок, буга көнбөйт экенсиңер, колуңарды көп жыйнап, чыпчаң кырк күндө мага келгиле! Азуун болсо каап ал, алың жетсе чаап ал! Болбосо колуңарды колго кошуп, оңңарды ойго кошуп, бирге аттаналы. Ачык айттым билгиле, алдыртан кытайга тыңчы жибергидей болсоңор келип менин тузума сийгиле!..»

Бул катты окуп алган соң алты кан алты жерде көк жорудай зуңкуюп отуруп калды. Кечеги кекенген ырк бузулду.

Эртелеп эсине келген эр Төштүк айтты:

— Бабандын көрү, алты кан, маалабызда жүрсөк мыкты жанбыз. Ажыдаардын куйругун басып алдыкпы? Эми аны каның менен жууба-саң канкор Манас кайра жанбас!

Музбурчак айтты:

— Кошойдун кеби кеп экен, атагы кыргыз балдары өлсөк бир чуңкурда, тирүү болсок бир дөбөдө болмогубуз эп экен. Канкор Манас эми бизди эмне дээр экен? Төштүктү айтар төрөм деп, мени болсо кекетээр «бузукту сенден көрөм» деп!

Жамгырчы айтты:

— Мени айтаар «очок эрсиң» деп!

Санжыбек айтты:

— Мени айтаар «аман жүргүн жаман» деп!

Көкчө айтты:

— Мени айтаар калжың кылып «Көкүш» деп!

Үрбү айтты:

— Мени айтаар «жооого эмес, өз оозуна алы жетпеген арам» деп!

Акырында Төштүк кайра айтты:

— Мынча болду, тобокел! Толкуган кол алалы, тополоңун тос кылып чогу түшүп калалы. Көп колду конок алалбай айласы кетсин канкордун. Каарынан жанбай чабышса чабышалы, айкөлдүгүнө салса жоого бирге барышалы!..

Бузукунун куйругу кыпчыма, сыртынан эрдемсигендери менен көчүк жагы кыпылдап, алты кан жер-жерине тарады.

Убада саатка бүгүн кырк күн дегенде канкор Манас таңга жуук ойгонду, ардемени ойлонду: «Бүгүн курттай жайнап кол келер. Ногой журтум аз эле, конок алуу жайын кырк чоро кандай ойлонуп койду экен?..» Акыры уктай албай койгон соң Аккүбөсүн жамынып, Ак келтени колго алып, алтын доол жонго алып, эшикке элкин чыкканы. Азем менен бактырган, жолборс үртүк жаптырган, шам күйчү көкүл үстүнө үкүнүн жүнүн тактырган урматтуу тулпар Аккуланы мамысынан чечип алганы. Сандыргалуу бадыша жанына жан киши албай Ордо үстүндөгү Туу Чокуга чыкканы. Бу Кароол чокудан Таластын башаягы алакандагыдай көрүнөт. Ордодогу желбиреген туунун түгөйү Көк Туу бу дөбөдө да сайылуу. Андыктан эл муну Туу Чоку деп атап алган. Туу Чокунун башында дамаамат турган Кароол бар, башы туюк, эки капталы чеп кең Таластын Чоң Капка менен Күркүрөө этек жагы — күн батыш тарабы ачык, ошол ооздү каратып койгон жазайыл бар. Алты жүз аркан менен алтымыш байтерекке чырмап матап коюлган. Күндүр-түндүр жазайылчы желдеттер шайма-шай, мыршаптар кайтарып багып турмагы. Манас Ак Сарайдан бастырып келип, мына ушу Туу Чокуга чыкты да, Аккелтеге кочуштап дары куйганы, кой боорундай коргошунду кололуу сүмбө менен колдуратып урганы. Анан Аккел-

тени көтөрө түшүп, күн батышты карата күркүрөтө бек атты. Аркасынан токтобой жоо добулду бек какты. Аккелте үнү чаңырды, ач кыйкырык жаңырды. Дайын турган жазайылчы желдеттер Абзел атыккан замбиректи кыргы менен кырып, кызыл кум менен сүрүп, арабалап аткелген дарысын аябай куюшту, алачыктай чоюнду оозуна урушту, алтымыш кулач карагайды сүмбө кылып, чоюнду түбүнө тыга согушту. Куржун көзү дарыны кулагына салышты. Алыстан туруп муршаптар найзанын учу менен от койду. Жазайылдын доошу тоо жаңыртып күркүрөдү, аалам-дүйнө солк этти. Зоодон жүрдү жер көчкү, тоодон жүрдү кар көчкү, күн күркүрөп басылды, туман түшүп ачылды. Дөгүрсүгөн дөөлөр чоочуп ойгонду, бешиктен бала ыйлады, байлоодо күлүк түйлады, очокто кумган кыйрады. Төө боздоду буркурап, ит улуду чуркурап. Камоодон эшек айкырды, матоодо тайлак бакырды. Таластын башы-аягы бүт угуп, калың кол дүрбөп ойгонду. Бу деген жоо кабары болуучу. Ошондуктан онбашылар шашкылап, жүзбашылар чапкылап, мингбашылар айкырып, түмөнбашы бектер кокту-колотто жаткан аскерлерине жигиттерин чаптырып, заматта калың кол баары атчан болду, баары каруу-жаракчан. Ар бир түмөнбашы Бектин өз туусу бар кыркырларга сайылган. Аскерлер тууларына ыктап, азыр болуп калышты.

Жоо бөрүсү кырк чоро шашып-бушуп ат минип, Туу-Чокуга чапты.

Бакай жетип келип, баатырдын кейпин караса баягыдай эмес. Жаалы келип, каары ташып, ажыдаар түс алыптыр. Кабагы карыш салынып, бүркөлгөнү кайра жаачу күн сымал. Астыңкы эрди албайып, кандалчынын кабындай, кыл муруту бурган балта сабындай, көзүнөн чыккан зардабы көөрүктүү оттун жалыны сымал. Кышкы кирген буурадан бетер кычырата тишин чайнайт. Аны көрүп кырк баатыр, аттарын алыска байлап, абай менен кашына келди, «Арыба, төрө!» дегенге араң жарап, кыркаар тартып отурду.

Күн аркан бою көтөрүлгөндө Өтмөктөгү Бакайдын кызыл ташынан белги берген түтүн булады. Коноктун алды ошояктан келаткан. Ал Алты Шаардан аттанган Жамгырчы болуучу. Жети жүз миң кол алган Жамгырчы бек Кыйша Тоонун сеңирин кыдырып, Кейүүнү кечип өтүп, Намуттун чөлүн сыдырып, Жаркенде бир өрүш алып, анан Кашкар тушту бакалап, Чакмакты басып, Чатыр-Көлду айланып, Нарынды кечип, Жумгалдан өтүп, Суусамырды өрдөп, убай-чубай желе тарткан калың кол Өтмөктөн ашып, ак асаба, кызыл туу, айгайлаган ызы-чуу менен Бала Чычканды өрүп кетти.

Аккулачан алп Манас кыраан баатыр кырк чоросу менен, себилдүү сексен төрт жан жигитин коштоп, бапылдатып керней тарттырып, тындырбай доол кактырып, конок алдын тосо чыкты. Каршы келген Жамгырчы каарына тура албай учуп түштү атынан, жалп-жалп түштү жан жөкөрлөрү артынан. Кол куушуруп бооруна, ийилип салам айтты. Манас алик алды. Экөө амандык-соолук сурашып, жакшылашып жаак тийгизип, айкалыша кучакташып учурашты.

— Алты Шаар уйгурунун улугу, ишенгеним сен болсоң, иришкенің мен болдум ээ?! — деп Манас бир кекээрлеп өттү.

— Иттик менден,— деп башын ийди Жамгырчы.

— Аскериң азбы? Алыс жортуулга машпы?..

Туттугуп жооп болбоду.

— Жамгырчы бекти мен конок алайын! — деп барк этти Бакай.

— Эс алгыла! — деп коюп, Манас Аккуланын башын бура тартты.

Бакайдын акылман салтанатын көр: жети жүз миң колдун он башына бир чатыр тиктирип, бирден кой сойдуруп, жүзүнө бир бээ чалдырды. Миңбашыларына боз үй тиктирди. Союштун малын камдап жүргөн жан белем, канча жатса түткүдөй. Жамгырчынын өзүн жабыгы бийик ордо үйгө киргизди. Туу байталдан сойдуруп, от ордундай

даңкандан отуз-кы
гы менен түткөнү, а
Ал ортодо Тал
эмчек чоку боорун
таш келген жерди
су коштогон туйгу
дан аттанып чыкк
айгайлаган чуу ме
нүн жайыгын Кар
шаңы бийик зор М
атчан салам берге
— Элемандын
найы жаркып, экө
көрүштү, жакшыл
Сарала атчан
раан байрак булга
— Эр Төштүк
Алмамбет да
түштүгүнө тай со
лыңы жүз миң ко
түү.
Ал ортодо эк
лу эр Үрбү куюнд
ашууну ашып түш
туп, арстан Мана
руна кол куушур
тууган боор эмес
Үрбү чечендикке
— Айкөл, Кө
баатырдын баать
кандарга бир көр
нас күлүмсүрөп у
ду.
— Өзүмө те
рек баатыр обдул
Суусалыкка
гектик менен кон
Олтуруп ору
кабар жетти. Са
сан түмөн казак
кисе, бото кур,
чөлдү басыптыр,
чоро коштоп дүр
коштогон жанжи
гүлөйт, калың к
чыга барганда э
түшүп алик алды
— Сал-сери
ын! — деди түйг
Аземин элде
рып, Сыргак кон
Андан кийи
Оро-Төбө, Сама
лук байлаган С
түшүп атынан,
Баатыр алик а
колу деп, көмүт
Ажыбай ко
коюп башына,
кылбай, мал аяг

даңкандан отуз-кырктан койдурду. Ушунча колго көсөм Бакай барлыгы менен түткөнү, акыл менен күткөнү.

Ал ортодо Таластын этек жагынан, анда Манас атка коно элек эки эмчек чоку боорунан түтүн булап, белги көрүндү. Аралыгы эки жүз таш келген жерди жай жүргөн жанга эки күнчүлүк жолду кырк чоросу коштогон туйгун Манас көз ирмегенче учуп жеткендей болду. Алайдан аттанып чыккан эр Төштүк жүз миң кол менен ак асаба туу менен, айгайлаган чуу менен Күркүрөөдөн кечип өтүп бүтө электе, Дүрмөндүнүн жайыгын Кара-Буураның оозуна чейин каптап басып кете электе шаңы бийик зор Манас жетип барды. Арстан эрди көргөндө төрө Төштүк атчан салам бергени.

— Элемандын эркеси, эсен-аман келдиңби! — деп Манастын маанайы жаркып, экөө ат үстүндө үзөңгүгө тура калышып, айкалышып көрүштү, жакшылап жаак тийгизе учурашты.

Сарала атчан теңселип, сарыңжы тончон белсенген Алмамбет кыраан байрак булгап бакырды:

— Эр Төштүк аскери менен менин коногум!

Алмамбет да Бакайдан кем сый кылган жок: жагынага кой союп, түштүгүнө тай союп, түндүгүнө бээ союп, келген бектердин ичинен калыңы жүз миң колду Алмамбет акыл менен күттү, барлыгы менен түттү.

Ал ортодо эки Кемин жайлаган, эгиз кара ат байлаган Таздын уулу эр Үрбү куюндуу Мерки жол менен, алты түмөн кол менен Сарман ашууну ашып түшүп келгени. Аккуланы булкунтуп, атырылтып жулкунтуп, арстан Манас барганда каршы келген эр Үрбү аттан түшүп, бооруна кол куушуруп салам айтып калганы. Баатыр алик алганы. Тең тууган боор эмеспи экөө кучакташып учурашканы. Күнөөсүн сезген эр Үрбү чечендикке салып.

— Айкөл, Көйгап деген жер бар дейт, барса баатыр барат дейт, баатырдын баатыры аман калат дейт. Ол жерди тиги кыйынсынган кандарга бир көрсөтүп койсоң экен,— дегенде күлгөндү билбеген Манас күлүмсүрөп укту. Айкөл анын күнөөсүн ушу сөзү үчүн кечирип койду.

— Өзүмө теңтуш киши эле, Үрбүнү мен конок алайын! — деп Серек баатыр обдулду.

Суусалыкка бал берип, жатарына жал берип, Серек баатыр сергектик менен конок күттү, сарамжалдуулугу менен түттү.

Олтуруп орун алганча Чоң Капкадан белги түтүн булады деген кабар жетти. Сары Арканы жердеген Айдаркандын эр Көкчө келатыры сан түмөн казак кол менен. Саймалуу калпак, сары шым, шалдыркан кисе, бото кур, алтын жулук, жез өкчө, сандыргалуу эр Көкчө эрме чөлдү басыптыр, жети түнөп, үч өрүп, алыстан келе жатыптыр. Кырк чоро коштоп дүркүрөп, кыраан Манас каршы алганы жөнөдү. Көкчөнү коштогон жанжигиттеринин домбра колдо күңгүрөйт, өлөңүн айтып үргүлөйт, калың кол батпай Чоң Капка ичи дүңгүрөйт. Манас алдынан чыга барганда эр Көкчө атынан түшүп салам айтты. Айкөл келберсий түшүп алик алды. Экөө айкалышып учурашты.

— Сал-серилердин анин сагындым, эр Көкчөнү өзүм конок алайын! — деди туйгун Сыргак.

Аземин элден арттырып, эсте жоктун баарысын ээк астына тарттырып, Сыргак конок күттү, барлыгы менен түттү.

Андан кийин ордо шайык, көк жөкөр, Орчун Кокон, Маргалан, Оро-Төбө, Самаркан жана Анжыян элин айдаган, белине беш-алты жоолук байлаган Санжыбек кан келди жети түмөн кол менен. Алыстан түшүп атынан, колун алып бооруна Санжыбек салам айтты Манаска. Баатыр алик алды баш ийкеп. Кол алышып учурашты. Аз келиптир колу деп, көмүтү толбой калган Манас Аккуланын башын бура тартты.

Ажыбай конок алды буларды. Бакта төшөк астына, пар жаздык коюп башына, ал дагы сый-сыпатын мыктады. Жети түмөн колду ач кылбай, мал аябай союлду, дасторкон жайнап, дүр-дүйүм даам коюлду.

Алтымыш тил билген Ажыбай аянбай конок күттү, көп конокко барлы-сы менен түштү.

Аягында Букарай-Шарып ары жагын, Бузулган Чамбыл бери жа-гын сураган Буудайыктын Музбурчак келди эки жүз миң кол менен. Каршы тоскон арстан Манасты көрө сала Музбурчак атынан учуп түш-үп, камчысын мойнуна салды. Кол куушуруп салам айтты.

— Айкөл, кечир, бузукулук эмес, ич күйдүлүк итчилик! — деп бур-кураш айды.

Айкөлдүн көөнү ачылды, ачуусу басылды. Саламын алик алды. Экөө жакшылашып жаак тийгизе учурашты, аман-соолук сурашты.

Кырк чоронун кырааны, Акбалтанын Чубагы:

— Бу коногуңду мен күтөйүн, баатыр! — деп сурап алды.

Эрдиги жагынан да, кеңдиги жагынан да Манастан Чубак кем бе-кен, Музбурчактын калың колун башкалардан артык күттү, барлыгы менен түштү.

Конок алгандары баш болуп, калган бир топ чоролор кол кабыш кылып, аскерлерди бөлүшүп кеткен. Ошентип отуз чоро конок алып, ону комсунуп куру калыптыр. Эми конoктун аягы тыйылганда алар жү-рөт өкүнүп:

— Коногуң менен комул бол, аскериң менен аңга түш!.. Аз келе-рин билгенде сурабастан биз деле четинен бөлүп алсакчы! Эсепсиз кол келет деп жүрүп, мына эми үй-үйүбүзгө энгирeп эндекей бара-бызбы... — деп бири кейисе:

— Эртең эле конок алган баатырлар тандап бизге берди деп, си-лерге окшогон зыкымдар жарытпасын билди деп мактанышканда кеп-ке кемтик болобуз, сөзгө сөлтүк болобуз! — деп беркинин жаны ачы-ды:

— А көрө аралап колду баралы. Кол калың түшкөндөрдөн жок де-генде элүү-жүздөн бөлүп бергиле деп, талашып алып кетели,— деп да-гы бири күүлөндү.

Ошентип ат сураган немедей анкоолуктан намыс алдырган он чо-ро ары-бери чапкылап, кадырын салып, үлүшүн сурап жүрүштү...

Манас үч күнү жайына койду кандарды. Алыс сапар тартып кел-гендер бир өргүп алсын деди. Ал ортодо Алмамбет Таластын баш-ая-гын кыдырып, келген колду сынакы көз менен карап чыкты. Аягында төрөсүнө кападар кайтты:

— Булар аскер эмей эле андаалаган жайдак эл! Казатка жүрчү кейпи да жок, пейили жок. Жортуулдук кош ат албаптыр, жалгыздан мингендеринин бири тулпар болсо, көбү топор. Коштун жүгүн арткан-дары көбү эшек, азы качыр. Жанга чеңеп минген аттары алыс жолдон келип ысык жайдакталган экен, көбү жоор болуптур, буттарына суу түшүп, көбү аксап жүрөт. Аскерибиз дегендери же тартип билбейт, көй-нөктөрүнүн битин отко кагып, чардайып көлөкөлөп жатканы жаткан. Булар менен казат жүрсөк көргөн жоо чабышпай эле көлөкөлөп күл-гүдөй...

— Атаңдын көрү алты кан, айтарын билбей тантыган! — деп Ма-нас дагы бир жолу ичиркенип алды.

Жортуул доол кагылды. Аймаңбоз минип маңкайтып, Манас кол-го чыкты, кандарга каршы бармакка. Себилдүүсү сексен төрт: алдын-да барат жыйырмасы, адис мерген жаачылар жааларын керип, жебе-лерин кескерип; оң жагында жыйырмасы, ойротту бузган жыласы кы-лычтарын кескерип; сол жагында жыйырмасы, жоо бөрүсү жыласы ай-балта кармап кезенип; артында келет жыйырмасы кыйгактуу найза көк түпөк кырка баары сундуруп. Ири алдыда алты жасоол Аккуланы алчыланта жетелеп алган. Чок ортодо эр Манас: сол жагында алты-мыш кулач ажыдаар алты жеринен чынжырланган, ага болбой сойлоп барат жутунуп; оң жагында алты жолборс, алты арстан күркүрөшөт чамынып. Бирде күндүн көзүн жаап, бирде ачып, үстүндө алпкаракуш айланат. Жалаң көк темир кийген кырк чоро артта келет ат ойнотуп.

Калбанын кең жайыгына конок колдун чогулган калың топ баш-

Тик карай алб
Анда Манас к
— Жол болсу
үстүндө, атың аст
ташар кишини та
да?! Кыргыздын
беребизби?! Баар
чын менен Какан
бай кантип калал
менен баралы! Бу
«Кутулар же
рына алса баары
каны акыл сөз, э
гонуп, бери толго
ру менен жакасы
— Тообо, төре
Мунусу өткөн
луучу. Кечирим с
дайынбыз деген Т

чылары асман-жердин ортосуна куюн жүргөндөй бу келаткан эмине, баягы айтып жүрүшкөн кара дажаал ушубу деп эстери чыкты. Кара дажаал дегени Көйгапка кетти дешчү эле, эми ушерден чыга калганбы деп, жакаларын карманды. Ага карабай тоо жыгылгандай кара доош күркүрөп, жортуул доол кагылып келет. Конок колдун башчылары эле элүү миң болчу, жапырылып жарылып, ортодон жол ача берди.

Манастын тобу аскерди аралап келип, ортодогу бийик дөбөнүн чокусуна токтоду. Бадышалык көк доол тарс дедире согулду. Доол доошу чыккан жерге заматта алты кулач алтын так орнотулду. Тактын желкесине көк асаба сайылды. Алтын таканы ажыдаар алты имерип кайтарып жатып алды. Алты арстан оң жактан, алты жолборс сол жактан күркүрөктү бек салып, көздөрү кызарып, чамынып турду. Себилдүү секеен төрт жайсаң сыртынан курчады. Алар дагы чамынып, ортодогу Манаска ат сорусун, өз жондорун салып, найза, балта, жаа, кылычтарын сыртка кескерип, жылчыксыз курчап туруп берди. Жортуул доол дагы кагылганда жоо дегенде атырылган жүз миң аскер казганактаган калың колду сыртынан алты курчап, каруу-жарагын кезеп туруп берди. Эки ортодо келгендердин айласы кетип, абдаарып калды.

Бакайды алып кашына, кабылан Манас бадыша:

— Жанагы кандар келсин! — деп заңк этти.

Манастын жардык болгон соң даяр турган желдеттерди жумшап жатып, мыршап башы буйруду:

— Бирин койбой айдап кел, кыйыктанса байлап кел. Кежирлик кылып мойносо, денин таштап, башын кесип кел!

Камоодо турган келгиндердин тизелери титиреп, чекеден муздак тер кетти, кара көк беттен кан качып, жездей өңү бузулду. Четте калган кандарга желдеттер аттан түшпөй бакырды. Дүргүтүп баарын айдап алып, келатканда кол жарылып көчө болду, чууруп кандар кире бергенде арты жабылып, туюк болду. Чукул курчап алгандар кылычтарын кескерип, жааларын беттешет, же кайра чыгар эшик жок, же жылчык болор тешик жок. Үрпөйгөн кандар өз алдынча жүдөшүп, алтын тактын алдына барышты. Ошондо баш көтөрө албай көзүнүн төбөсү менен карашса, мандайында Айкөл өзү отуру —

Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй,
Асман менен жериндин
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Айың менен Күнүндүн
Бир өзүнөн бүткөндөй,
Төшү түктүү кара жер
Жердигинен түткөндөй!.. болуп.

Тик карай албай жалтанып, кандардын баштары шылкыйды.

Анда Манас кеп айтат:

— Жол болсун, кандар! Мага катылып көздөгөнүңөр эмине?! Үйүң үстүндө, атың астында, сураган элиң колунда, дөөлөтүң башында! Басташар кишини тапкан экенсиңер! Кече Көкөтөйдүн ашындагы сөз кайда?! Кыргыздын кыйырын чаптырып коюп, бирибизге бирибиз кырдана беребизби?! Баарыңарга эп болсо, жыйылып келдиң калыңкол, Чынмачын менен Каканды казат жүрүп чабалы! Кеткен намыс, өткөн кек, албай кантип калалы! Алоокенин кенжеси кан Конурбай баатырга казат менен баралы! Буга кандай дейсиңер?

«Кутулар жер жок, айкөлдүн азыр жанып турган чагы, эгер каарына алса баарынын башын алып тынат, айтса-айтпаса төгүнбү, айтканы акыл сөз, элдин намысын ойлобой ит болгон экенбиз,— ары толгонуп, бери толгонуп, мына ушундай ой ойлонуп, алты кан сол колдору менен жакасын уучтап, оң колдорун обого көтөрдү:

— Тообо, төрө! — деди бир ооздон.

Мунусу өткөн иштерине өкүнгөнү, кеткен иштерине кейигени болуучу. Кечирим сурап, Манаска моюн сунганы болуучу. Чоң казатка дайынбыз деген Тенир астындагы анты болуучу.

Манас кайра ырайга жанды.

— Андай болсо, кандарым, Теңир колдосун! — деп зарк этип, даярдалган келишим катты катчы сунганда жыгалуу мөөрүн басты, катчы алты канга сунуп, алар мөөрүн басышты.

Манас жана сөз айтты:

— Жортуул кыйын Чоң казат, Чоң казаттын жолу узак. Жер каптаган сан түмөн кол, кол артында калың кош. Жер оогон калың эл сымал, каптаган кара сел сымал. Андыктан баарыбыз баш нйип, моюн сунгандай, туу түбүндө тургудай Туу Башы кан шайлап алмагыбыз казат салты, жортуул наркы. Акыл чегип, кабыргаларга кенешип, кандыкка каалаганыңарды айткыла!

Кандарга дагы мүшкүл иш түштү. Ары толгонушту, бери толгонушту, аябай ойлонушту, алтоонун ичинен ылайыктуусу табылбады. Ошондо бет келген сөздөн тайбаган эр Үрбү сурулуп айтты:

— Султаным, сен билгендей болсун, биз айныбай моюн сунабыз!

Карап турган калайык кулак түрүп чайпалды.

— Бектер, сага эп болсо, мен бийлеген кеп болсо, атка минсе ак-жолтой, атышкан жоодо сан колдой, калк сыйлаган агасы, даанышман Бакай авабыз Туу Башы кан болсун!

— Теңир жалга! Жаша, Бакай ава! — деп эл дуулдап жиберди.

— Касиеттүү Бакай ава канга ылайык, биз макул! — деп кыйкырды алты кан.

Катчы жардыкты жазды, жыгалуу мөөрүн Манас басты, артынан алты кан дагы мөөрлөрүн басышты. Ошентип Туу Башы кандык Бакайга ыйгарылды.

Манас каадалап туруп барып, Бакайга алтын жыга кийгизди.

Ошондо кан Бакай айтып турмагы:

— Курандыдан куралып, ордолуу журт болдук! Эбелектей бириндеп желге кетпей, эзилишип жуурулуп, туулуу-баштуу эл болдук! Андаалатып айдаган Каканчында атадан калган кек кана? Кыйырыбызды чаптырган калмакка кеткен намыс кана? Капталдан соккон бороондой качан болсо жерибизге көз арткан кытайдагы өч кана? Кең Илеңи багыттап жүргөн баатыр, барсыңбы? Өткөрмөлүү Даркандан, Өгүз Кечүү, Калкандан өткөн баатыр, барсыңбы? Жүгүрүктүн Жүгөн Таш, Жүйүрмөнүн Кара Сазын баскан баатыр, барсыңбы? Урунарга тоо издеп, урушарга жоо издеп шашкан баатыр, барсыңбы? Тарбагатай башынан ашкан баатыр, барсыңбы? Ары жагы Шарпылдак, Аягүздө Чүк Терек, Эгизектин топоюн баскан баатыр барсыңбы? Оркундун улуу дайрасын кышын өлчөп, күз менен кечкен баатыр, барсыңбы? Тоо түгөнүп уч болуп, жол түгөнүп түз болуп, суу түгөнүп чөл болуп, арбын черүү кол баштап, катуу багыт Бээжинге жүргөн баатыр, барсыңбы? Каспандын Кара Тоосунда, капкалуу Бээжин оозунда кан Коңурбай калча бар, коркпой уруш Бээжинге салган баатыр, барсыңбы? Өчмөндүүдөн өч алып көргөн баатыр, барсыңбы?..

Сан собол салып журтуна, кан Бакай токтоду.

Элдин ээси дел болду.

— Аттиң-э, кокуй катыгүн, атабыз көргөн жер эмес, адам укпан кеп эмес! — деп бирдаары аңкайды.

— Деги ушул айткан жерине канча жыл жүрсөк жетебиз? — деп бирдаары айран таң.

— Арбак урган кандар ай, азаптуу дүйнөдөн арманда өтөт деген ушу да! — деп келгендер кейиди.

— Атка минип эрбейип, найза кармап сербейип, эркекпиз деп Манаска кантип теңелдик? — деп бирдаары үңкүйдү.

— Карап туруп капаска түштүк-ээ! Кайран жанды кыйдык-ээ, баланы жетим кылдык-ээ, катынды жесир кылдык-ээ! — деп маеси муңайды.

— Күңкүлдөбө, калкка тийет кесирин. Көп менен бара көрөбүз! Үйдө жүрсөк да акыры бир күнү өлөбүз,— деп чыйрагы чыңалды.

Топ ичи ушинети
кө жетти, элдин шай
боду. Ошондо Алмам
чоронун кырааны атт

Ошондо эр Алма

— Кытайдан ке
бийлеген зардалдын
са, ант урган кытай
издеп эрбейип, эрме
калмакты сүргөн чор
кан чороң, мен бар
рын, канды суудай
тубар күрмө туура ж
Алгарадан албайты
бузуп, жалгыздыкт
чыккан чороң, мен б

Анда Манастын

— О, калайык
бөлөк жоомарт жок
бийлигин, жортуулч
түшсө түщүүгө, дав
тең көнөлүк! Бакай
на Колбашчы! Ушин

— Жарайт, айк

Дагы жардык
дардын мөөрү басы

Кан Бакай Алм

Калың кол көл
калайыкка дагы айт

— Туу Башы
алдында дагы бир
келди. Конок болуп
гө жол камы, жоо
атынан ибеп жеге
дер, жоо көрбөгөн
жер-жерине кайтсы
Эртең күнү-мынк д
Белсенген берендер
мат минсин деп ба
гандап, кармап ми

Бу жардык ба
батпай жаткан ка
болуп чуу болду:

— Улук Мана
абдан көп.

— Олжосунан
бөлүнүп, бузулганд

— Кыл мурут
— деп мактаганда

— Бизге туюн
урбайбы! — деп то

— Күлпөтүнд
кыргызга, күнүбүз

Ушинтип жак
жалгыз-жарым ка
дыгы: «Өлсөк бир
кылышты.

Ошенткендер

Ал күнкү хан

Топ ичи ушинетип кобур-собур сөз болуп, толкуп турду. Күн түшкө жетти, элдин шайы кетти. «Мен!» деп суурулуп чыккан баатыр болбоду. Ошондо Алмамбет турду ордунан. Алтын айдар, чок белбоо, кырк чоронун кырааны аттан түшүп, Бакайдын мандайына тез келди.

Ошондо эр Алман кашкайып айтып турмагы:

— Кытайдан келген бир кул деп, мунун баасы бир пул деп, калк бийлеген зардалдын бири айтып салбаса, ошондо шагым сынып калбаса, ант урган кытай элинде жүргөн чороң, мен бармын! Өзүмө түгөй издеп эрбейип, эрме чөлдө сербейип келе жатканда бет келген кара калмакты сүргөн чороң, мен бармын! Арбын черүү чыгып жолуман шашкан чороң, мен бармын! Беткелген аскер башчысын, кыя чаап баштарын, канды суудай чачкан чороң, мен бармын! Кыл такыя, кызыл чок, тубар күрмө туура жең, туюк өтүк кончу кең чоң Коңурбай баатырды Алгарадан албайтып сайган чороң, мен бармын! Каарданып камоолун бузуп, жалгыздыктан кан кузуп, капкалуу Бээжин шаарынан безип чыккан чороң, мен бармын, кан ава!

Анда Манастын бүтүм кылмагы:

— О, калайык калың кол! О, кандарым, бектерим! Жол талашар бөлөк жоомарт жокпу? Анда баарыңарга эп болсо, Чоң Казат жолдун бийлигин, жортуулчу колдун бийлигин Алмамбетке берелик! Көргө түшсө түшүүгө, даван ашса ашууга, кара жер кучса кучууга баарыбыз тең көнөлүк! Бакай болду Туу Башы, Алмамбет болсун Жолбашчы жана Колбашчы! Ушинтип бирлик кылалы!

— Жарайт, айкөл, жарайт! — деп, бул бүтүм бардыгына эп болду.

Дагы жардык жазылды. Манастын жыгалуу мөөрү басылды, кандардын мөөрү басылды.

Кан Бакай Алмамбетке алтын жыга кийгизди.

Калың кол көлдөй толкуп турду. Анда Манас Ордо доол урдуруп, калайыкка дагы айтты:

— Туу Башы менен Колбашчы-Жолбашчынын бийлиги жүрөр алдында дагы бир жардык уккула! Алты канды коштоп азыр түмөн кол келди. Конок болуп келип, Казатка аттанмай болду. Жортуулга жүрөргө жол камы, жоо камы жоктор бар окшойт. Аргасыздан келгендер, атынан ибеп жегендер, тонум жыртык дегендер, үйүнөн кайгы жегендер, жоо көрбөгөн чабалдар, ниети бузук адамдар бүгүндөн калбай жер-жерине кайтсын! Бүгүндөн калгандар эртең кол санына илинет. Эртең күнк-мынк дегендин башы алынат, аты курмандыгына чалынат!.. Белсенген берендер, жоо беттеген эрендер атынан кайгы жебесин, азамат минсин деп баккан Ала-Тоого батпаган алтымыш сан жылкым бар, гандап, кармап мингиле!

Бу жардык баарынан күчтүү болду белем, Таластын баш-аягына батпай жаткан калың колго желдей тарады, дуу-дуу сөз миң түркүн болуп чуу болду:

— Улук Манастын айкөлдүгү ченде жок тура! — деп ээленгендер абдан көп.

— Олжосунан кечели, ой, акетай, кетели!.. — деп, кырк-элүүдөн бөлүнүп, бузулгандар мындан көп.

— Кыл мурүту солк этсе кытайга кыргын салуучу Манас турбайбы! — деп мактагандар андан көп.

— Бизге туюк сепилдей улук Манас турганда жалтансак Теңир урбайбы! — деп тобокелге бел байлагандар мындан көп.

— Күлпөтүндө жүрөлү, күрөшкөн жоосун сүрөлү! Кыямат жаным кыргызга, күнүбүз бүтсө өлөлү! — деп, кайрат кылган сан түмөн.

Ушинтип жакшылары бел байлап, жамандары жалтайлап, бирок жалгыз-жарым кайта албай, кайтамын деп айта албай, акырында бардыгы: «Өлсөк бир чуңкурда, тирүү болсок бир дөбөдө!» — деп шерт кылышты.

Ошенткендерине өздөрүнүн көңүлү тынды.

Ал күнкү хан жыйыны ушундай бүттү.

Манастын Алтайдан бери которуп айдатып, жортуулга буудан болсун деп тандатып баккан сан жылкы Таластын баш-аягына толуп, өрүш бербей, башы Каракол менен Бала Чычканга, ортосу Бешташ, Үрмарал, Күмүштак, этеги Кара Буура, Бакайыр, Күркүрөө, Аташчапканга өрүп жайылып, кокту-колот, жылгага батпай жаткан. Ошол сан жылкыга калың кол аламан салды. Эр башына бир буудан чукул коштоп, союшуна эки бээ, бир байтал кошо жетелеп кармады. Найзаларына чылбыр тагып укурук кылып, эпчилдери чалма ыргытып, жапайы болуп кеткен малга тополоң түшүрдү.

— Күлүк тийди колго,— деп кудуңдаган андан көп.

— Жорго экен бул жаныбар, жол жүргөнгө жакшы,— деп жымыңдаган мындан көп.

— Жылкы деп кулан багып алганбы? — деп, азоосуна алы жетпей алактаган андан көп.

— Үйрөтүп ала коеюн,— деп мине коюп, учуп түшкөн мындан көп.

— Жаны жайыл жан тура, ошон үчүн Манас дейт тура! — деп мактап жүргөн андан көп.

— Ааламда жок айкөл экен, учу узарсын Манастын! — деп алкап жүргөн мындан көп.

Кол ошентип той түшкөндөй туйтунуп жатып калды.

Эртеси Алмамбет Колбашчылык бийлигин баштады. Кырк чорону, жалпы кыргыз тукуму делип түндүгү Сары Аркадан, түштүгү Букардан, чыгышы Алты Шаардын, батышы Оро Төбөдөн бери кол баштап келген кан, бектерди бүтүн чогултту. Четтен карап турган Манастын көзүнчө кол башкарар эрендерге Колбашчылык жардыгын жарыя кылды:

— Бу келген аскер төркүлөп келген кыз сымал. Тойго келген немедей тайраңдап оромпай тээп жүрөт. Бара турган жол кыйын, чаба турган жоо кыйын. Башчысы башта турбаса, башчысына башкасы кынк этпей моюн сунбаса, мынча аскерим бар деп кампайбай бир короо бүргө айдап алган оңой. Кырк чоронун аскер тартиби жайында. Бирок жардыгым баарыңа тең! Кандар, бектер, чоролор, оң кулагың менен ук, сол кулагың менен ук! Эртең аскер кароо жүргүзөм! Ага чейин ар кимиң калың колуңарды ондон-жүздөй бөлгүлө. Он аскерге бир башчы — ал Онбашы. Жүз аскерге бир башчы — ал Жүзбашы. Миң аскерге бир башчы — ал Миңбашы. Он миң аскерге бир башчы — ал Түмөнбашы. Жүз миң аскерге бир башчы — ал Бек! Миң башыда бир желек болсун. Түсү башка ар түркүн болсун. Сурнай тарткан топ болсун! Түмөн башыда бир байрак, ар уруунун тамгасы болсун байрагында. Жана да керней тарткан топ болсун! Бекте Туу болсун! Аскердин баары желек, байрак, тууларын айра таанып билсин! Ушул! Менин өкүмүм эки болот деп, кимиң болсо да бөөдө өлүмгө кабылбагыла! Жардыгым жанып кетер деп, чектен чыккан улуу-кичүү бекер баштан айрылбагыла!

Жардыкты угуп, кандар, бектер тарады. Кең Талас толо калың колго дүрбөлөң түштү, дуу болду. Калың колдун ичинде көйкашка канча баатыр бар, бирине жакса бу жардык, башкасына жакпады.

— Калмактан келген жай таппай, казактан келген бай таппай, эч кимди оңдурат ырайымсыз куу кытай,— деп бирери жиндеди.

— Өкүмүнө көнөлү, кызыталак кытайдын өнөрү канча, көрөлү,— деп башкасы куп көрдү.

— Эми чыканак жерге салмай жок, чырым уйку алмай жок, күнүнү бел чечмей жок...

— Күн чыгыштын үч ай-токсон жолунда жоого жетпей эле өлүп кетер бекенбиз...

— Үйдөгүдөй болом деп, Алмамбет менен ойнобо!...

— Койнуңа толор көз жашың!.. Ондун бири жоголсо, жүздүн бири жоголсо үмүтүңүз үз жаныңдан...

— Алп Манастын эгизи Алмамбеттики туура негизи!

Ушинетип аск
аны бектер бек ой
кеп, санакка салы
онбашы, жүзбашы
текшерип, коштог
кирди.

Таңга маал бо
Доошу күркүрөдү.
атка минишип, бир
чеги бөлүнгөндөй
жүзбашысы башы
түмөн болуп, түмө
миң башынын сур
шынын кернейле
кубалап, аскерлер
түмөн кол байрак
нун түбүндө. Туу
чап турду.

Токсон нөкөр
сакчылары артынд
алкынтып.

Кандардын ка
Улуу Туунун түбү
кошуунду карап ту

Жерден жерди
сындады Нечен со
тескеши мыкты эк
дан келе жаткансь
шун аралап, кобур
Көкчөнүн колунда
да бар экен. Алак
аскерине жеткенби
эле ооздорун ачып
гу али күчтүү эке
бара жаткансып,
силерден баштоо к
дыресе тартипке к
карап, анчалык ай

Кырк чородо
аскер оюн ойноп
кан, Көкөтөйдүн а
кырк түмөн колдун

Акырында оор

Аскер кароо
бет келип, төрөсүне

— Төрөм, аск
жүз байрак, отуз
добул. Зор добулу
Отуз жүз миң кол
туул чыксак. Колд
сы бүттү. Кол арты
бар. Бөрүнүн жем
токсон күн жолдо
чыңап аларбыз.

— Жарайт, ба
күнү, жортуул жүр

Кол дагы үч к
ду акылмандары м
үстүнө кирди бууру

Үшинетип аскер ичи ызы-чуу. Бирок тартип болбой кол болбойт, аны бектер бек ойлойт. Ал күнү ар кими колун тактап, гартибин тескеп, санакка салып, бүт эсебин алып, онго, жүзгө, миңге, түмөнгө бөлүп, онбашы, жүзбашы, миңбашы, түмөнбашы дайындап, каруу-жарагын текшерип, коштогон аттарын сынап, жоо кийимин баалап жүрүп кеч кирди.

Таңга маал болгондо Алмабаш үнү чаңырды. Артынан Жазайыл Доошу күркүрөдү. Аны укканда калың кол дүрбөп козголду, шапа-шуп атка минишип, бирден буудан коштошуп, күчүн көргүн тартиптин, кечеги бөлүнгөндөй ону он болуп, онбашысы башында, жүзү жүз болуп, жүзбашысы башында, миңи мин болуп, миңбашысы башында, түмөнү түмөн болуп, түмөнбашы башында, жүз миңине Беги башында болуп, миң башынын сурнайлары такылдап аскерлерин чакырды, түмөн башынын кернейлери бапылдап, түмөн колун топтоду. Сурнай үнүн кубалап, аскерлер желек түбүнө топтолуп жатты, керней үнүн кубалап, түмөн кол байрак түбүнө топтолуп жатты. Кошуун башы бектер Туунун түбүндө. Туу кайтарган жүз сакчы, Бек жандаган миң аскер курчап турду.

Токсон нөкөр оңунда, токсон нөкөр солунда, кернейчилер алдында, сакчылары артында, аскер кароо өркөчүнө Алмамбет чыкты Сараланы алкынтып.

Кандардын каны алп Манас, Туу башы Бакай экөө Туу чокуда Улуу Туунун түбүндө турнабай салып, Таластын баш-аягына чубалган кошуунду карап турду.

Жерден жерди кыдырып, колдон колду сыдырып, Төштүктүн колун сындады. Нечен согуш көрүп, кан кечип жетилген эр Төштүктүн кол тескеши мыкты экен. Андан ары Жамгырчынын колун сынады. Базардан келе жаткансып, дагы эле алешем тартип бар экен. Музбурчак кошун аралап, кобур сөзү көп экен, ээн баш өскөн эл экен деп өттү. Эр Көкчөнүн колунда тартип да бар экен, көп темирди кооздогон асеми да бар экен. Алакөөдөк кимден, аскеринен бегине өткөнбү, же бегинен аскерине жеткенби деп өттү Алмамбет. Үрбүнүн колун сыдырып, баары эле ооздорун ачып эстешкенин көрүп, эрте жатып, кеч турган ыкшоолугу али күчтүү экен деп койду. Санжыбектин колун кыдырып, базарга бара жаткансып, көбү куржун салынганын көрдү да, тескөөнү алгач силерден баштоо керек экен деп кетти. Алты кандан мурда келген, кадыресе тартипке көнгөн, машыгуусу жетилген башка кандардын колун карап, анчалык айып таппады, ичинен ыраазы болду.

Кырк чородо кырк түмөн кол. Ат жалында туулуп-өсүп, күнүгө аскер оюн ойноп машыккан, жортуулга тасыккан, жоо дегенде ашыккан, Көкөтөйдүн ашында калмак, кытайды сундура кууган жоо бөрүсү кырк түмөн колдун берендиги да, белендиги да купулуна толду.

Акырында оорукта турчу кошту көрдү.

Аскер кароо ал күнү кереги кечке созулду. Кечинде Алмамбет келип, төрөсүнө эсеп-жоп берди:

— Төрөм, аскер кароо өткөрдүм, Кошуун саны үч миң желек, үч жүз байрак, отуз туу болду, аларда үч миң сурнай, үч жүз керней, үч добул. Зор добулу өзүндө, чоң добулу Бакайда, кошун добул менде. Отуз жүз миң кол Таласка батпай кетти. Эркиңи айтсаң, эртелеп жортуул чыксак. Колдун машыгуусунда гана чабалдыгы болбосо камылгасы бүттү. Кол артынан жүрөр, оорукта калар кошто үч жылдык күлазык бар. Бөрүнүн жеми жолдон эмеспи, калганын бара көрөрбүз. Үч ай — токсон күн жолдо өрүү болуп жатканда аскердин машыгышын дагы чыңап алабыз.

— Жарайт, баатыр! — деди Манас күнгүрөп. — Таза-мыйзам оң күнү, жортуул жүрөр чоң күнү эрте кооп кол башта!

Кол дагы үч күн жатты камылгасын бүткөрүп. Манас Ордодо болду акылмандары менен кеңешип. Үчүнчү күнү таңга маал көсөм Бакай үстүнө кирди буурул сакал жайкалтып.

Т. ГЕРЦЕН, 1935 «Семетей менен Айчүрөктүн кайтып келиши»



— Баатыр, Тараза-мыйзам болду. Ак Болпоң менен Ай тогошту! — деп сүйүнчү кабарын айтты баркылдап.

Манас тактыда, кандар-бектер оң жагында, кырк чоросу сол жагында, баары ордунан тик туруп, алакандарын Ордо түндүк Көккө жайып, Теңирден жол сурашты. Бакай баркылдап тайынып турду:

— Көк Теңир, ак жол, айбат бер, кажыбас кайрат бер! Төрөмдү астын кылба, жоомду үстүн кылба! Ата-бабанын кеги, намысын алмак азамат эрдин көйү! Арбактар жар болсун, кырк чилтен колдосун! Жерим өрүштүү болсун, элим жеңиштүү болсун! Арбагы бийик Манасың аман көрсүн Таласын! Колдо, Көк Теңир, колдо!

Теңирге баары тайынды.

Шайдоот турган баатырлар Ордодон чыгышты. Ай менен Ак Болпоң жылдыз тогошуп турган экен чыгышта. Баатырлар Туу Чокуга чыгышты. Чокудагы Улуу Туунун түбүндө алп Манас Ала-Тоодой шаңданат. Жанында жолборс үртүк жабылган Аккула эки көзү эки чолпон жылдыздай балбылдап, эки кулагынан созолонгон шам жанып туру. Айдарым желге буурул сакалы оң ийинине жапырылып Бакай туру. Алтын жыга, чайинги Алмамбет туру зымпыйып. Андан ары чоролор туру кымпыйып, кандар-бектер туру тымпыйып. Алмамбет Алмабашты алып, чыгышка карай бир атты. Алмабаш үнү чаңырды. Даяр турган желдеттер Жазайылдын кулагына найза сунуп от койду. Жазайыл тоо жаңырта күркүрөдү. Артынан Ордо добулбас дүңкүлдөтө согулду, кернейлер бапылдап, сурнайлар такылдап, өрөөн ичи жаңырды, айдарым жел менен баш-аягына тарады.

Күндүн көзү көрүнгөндө Туу Чокунун этегинен, Улуу Туунун түбүнөн кан Бакайдын көк асабасы жалпылдап, кернейлери бапылдап, жүз миң колу чубады. Бадана зоот, көк туулга күн нуруна жаркылдап жүз миң атчан жүз миң жортуул ат коштоп, текирен-таскак менен өтүп бара жатыры.

Манас турду сурдана карап кошунду.

Кезек Жамгырчынын колуна келди. Алтын айчык туу менен, жер жарылган чуу менен Жамгырчынын нечен түмөн колу өттү.

Манас турду сурдана карап кошуунду.

Төштүктүн кыраан кыпчак түмөндөрү өтүп жатыры, Көкчөнүн калкаман казак түмөндөрү өтүп жатыры. Керней, сурнай үндөрүнө кулак тунуп, Санжыбектин түмөндөрү өтүп жатыры, Музбурчактын түмөндөрү өтүп жатыры.

Манас турду сурдана карап кошуунду.

Анан өттү кыргыздын бектеринин сан-түмөн колу. Аскердин башы кылкылдап, найзанын учу жылтылдап, асаба туулар жалпылдап, алкынган аттар шартылдап, убай-чубай текирен-таскак менен түмөндөр өтүп жатыры, өтүп жатыры...

Манас турду сурдана карап кошунду.

Аягында кылым баскан кырк чоронун кырк түмөнү чубады. Жоо бөрүсү жоокерлер жөн өтпөй ат оюн, аскер оюн салып өттү. Кара күчкө бирин бири сайышып, бирин бири чабышып, жаа тартып ышкыртып, мылтык атып чаңыртып керней-сурнай жаңыртып, дуу-дуу шаң салып өттү.

Манас турду сурдана карап кошунду.

Отуз жүз миң кошун өттү, чуу басылды, кулак тунду, күн жүрүшүнөн батышка ооп, батарына жети таш жерде турду.

Улуу Көк Туу айдарымга жалпылдайт.

Манас барып Туу өптү, эки алаканын Көккө жайып, Теңирге тайынды:

— Теңир, жол бер!

Калгандары баары тайынды, баары Туу өптү.

* * *

Баатырдын кабагы ачылбайт, сурдангандан түнөрдү. Кимгедир жини келгендей каарданып бүркөлдү. Аны көрүп кырк баатыр ич ара кужурланышып, жандырмагын таба албай бушайман болду баарысы. Кандар-бектер кол артынан кеткен. Канкордун жанында кырк чоро гана калган. Кошуунда болсо каары, каарыйт эле өтүп жатканда. Бектерде болсо каары, каарыйт эле турганда жанында. Артынан айтчу Манас бекен! Кырк чородо болсо каары, мына баратпайбы жалтайлап баары, же не болду деп айта албай, же ээрчибей кайра кайта албай, санаалары бузулду, таноолору кысылды. Алдыга кетти калың кол, жортуул жүрөр алыс жол, ушундай чакта бүркөлгөн атаны кокуй кыйын азап! Каалаганы орчун кол болчу, отуз жүз миң кол болду. Атаны кокуй дүнүйө! Барар жолу Бакбурчун, кармашары Каканчын, кошуунду күүлөп дем бербей, бул эмине болгону? Атаны кокуй дүнүйө!

Заңкылдаган зор төрө бүгүн ичим тап дегенсип түн болуп калганын эч кимиси таба албай баратканда кыраан Алман туйду. Катуулай жүрүп, жанаша бастырды да, кеп салды:

— Айкөл, аманат жанга карзым бар, кырк чоронун атынан өзүнө айтар арзым бар. Касиеттүү жан эле, колтугунда жылаңач бала бар эле, Каныкей жеңенин Ордосуна кайрылып, ак батасын алсак дейм?

Камандай чүйлүсү дүгдүйгөн баатыр моюн бура албай олурая бир карап, күрсүнүп койду:

— Ыя, ошентсек дейсиңерби?..

Анан жооп күтпөй арсандап күлүп калганы. Аймаңбоздун башын буруп, түз Каныкейдин Ордосун карай салганы. Каалгадай кашка тишин кашкайтып, улам бирдеме эсине түшкөн сайын күлүп, каткырыкты катуу салып баратты. Алиги улам эсине түшүп күлдүргөн бирдеме өзүнүн комсонгон ою болуучу: «Ар качандан бир качан айтмайынча сыр билишпейт!..» деп кырк чоросуна ачууланып келаткан ою болуучу.

Чоролорго жан кирди: «Катын жандуу канкор, кара күчкө күлгөн анткор»,— деп кайбат күбүр аралап, көңүлдөрү көтөрүлүп, карсылдай күлүшүп, «Келе, баатыр мага да!» дешип, Анжыяндан алдырган, сагаса күлүн салдырган, чексе кумар кандырган насыбайды шалдыркандуу жез чакчадан алаканга шак коюп салып алып, эрин алдына кагып алып, капалык тарап, Айкөлдү ээрчий баратты.

Манастын ичи тап бушайман болгону, бирөө сурап койбойт деп, чоролоруна кужурланганы, кошунду карап туруп көңүлү тойсо да сурданганы, аттанарда ого бетер түнөргөнү — ушунун баары Каныкейдин күйүтү болуучу. Оо күндөрдүн биринде, бир төшөктө сырдашкан бир түнүндө баатырын артыла кучактап жатып, Каныкейдин күйүп айтканы бар:

— Улуктун күчү эл менен, катындын күчү эр менен. Алты айлык күмөнүм бар боюмда, алыс жолго аттанганы жатасың, ардеме келет оюма. Казат — улуу жол болот! Кылым кытай эл деген, басташып душман жеңбеген, барса келбес жер деген...

Эзилип-элжиреп, каңырыгы түтөп муңканып, бек кучактап курчалып, Каныкей кебин айтып бүтө электе Манастын каары келип, артыла кучактаган колун көкүрөгүнөн серпип таштап, төшөктөн атып турган.

— Кандуу жолго айткан кебин!.. — деп, кементайын желбегей жамынган бойдон Ордодон чыгып кеткен. Ошо бойдон кайрыла элек болуучу. «Саясатың менен иши жок, төшөккө жорго, жанга тынч» деп, Акылайдын Ордосуна орноп алган.

Бирок, Каныкейдей жар кайда! Аны билбеген Манас бекен! Оюнан кетпей ичтен сызып, эрте менен сурданса кечке жуук түнөрүп, же кечирим сурангансып өзү кирип бара албай, же көгөргөн көк Каныкей өзү бир белгисин билгизбей, же жандай көргөн чоролору айтмайынча сыр билбей, бушайман болмогу ушундан болуучу.

Алмамбеттин сыр билгилигине ыраазы болуп, алигини эстеген сайын күлкүсү келип бараткан жөнү ушул.

Айкөлү эл коргогон баатыр, эл четинде, жоо бетинделиги баатыр-

лардын абалтан наркы. Кыргыздын таалайына Теңир ошол үчүн Манасты жараткан. Манас жалаң Каныкейдики эмес, элдики. Эл сагынса эр келет, эр убайын эл көрөт деген ушул. Бирок!.. Бирок, Каныкейдин аян берчү түштөрү жаман. Ак байбиче Чыйырды кайненеси сырдашы эле, ал Кан жайлоодо. Бай Жакып кайнатасы Бакдөөлөтү менен, Абыке, Көбөш болуп Муз жайлоолоп көчкөн. Негедир кийинки кезде кайнатасы менен уулу Манастын ортосу сууп баратат. Атасы малдын баарын чачтырдын, казынаны кара кулга ачтырдың деп, кападар. Уулу ага көнчүбү, бир жылдан бери Казаттын камылгасына жалаң Ордонун эмес, бүтүн кыргыздын жарым байлыгы корободубу. Коробой койчу жумушпу!.. Каныкей ушулардын бардыгын: санааркаткан түшүн, жоого аттанар жылдызы чыга электигин, боюндагы күмөнү анда үч айдай болуп, белгиси жаңы билингенин, дагы-дагы көп ойлорун жоошутуп айтып чыкмакчы болгондо бөрү мүнөз канкору жылуу төшөгүнөн, ысык кучагынан туруп кетип, шагын сындырбады. Дагы кол тийгизбей кеткенине шүгүр!

Кантсе да Манастын айкөлдүгү жеңерин, Каныкейине бир кайрылбай кандуу жолго чыкпасын Канышасы туйган. Келер күнүн чектеп, камылгасын катуу кылган. Кырк нөкөрү жанында, аларга кошуп айылападан кызыл мүнсөк, кымча бел, кылыктуудан кырк келин жыйып, камылгасын бүтүрүп, келер маалын күтүнүп отурган.

— Айкөл келе жатыры! — деген сүйүнчү сырттан угулганда кыз күнүндөй жүрөгү толкуп, жүзү нурланып, эки кара бото көз чолпон болуп балбылдап, шөкүлөсүн оңдонуп, бой-аягын каранып, ага болбой нөкөрлөрү чар көпөлөк айлана жасантып, тосуп чыккыча шашты. Кырк нөкөр, кырк келин желе тарткан каркырадай ийриле тартып, кымча белдер буралып, Ордо айылга кире бериште каалап күтүп турушту. Жибек көйнөктөр шуудурап, атлас көйнөктөр шоодурап, көк майсам апай боорго кызгалдак жайнап чыккандай.

Аккуланы алкынтып, тиги күрдөөлдүү жоон топтун алдында Айкөлү келе жатыры. Аста басып алдыга чыгып, акак тиши жаркылдап, кызыл эрин бүлкүлдөп, ай тамагы кылайып, жылоого кол сунганда кең жеңи мүрүгө шыпырылып, ак булчуңу булайып, Каныкейдин жылаажын мукам үнү шаңк этти:

— Арыба, айкөл! Аттанынсыз чоң күнү, Тараза-мыйзам оң күнү! — деп баатырдын атын өзү алды.

— Бар бол, Канышым,— деди Манас күңгүрөп.

Кырк кенизек жүгүрүп, кырк бедөөсүн алганы.

Он эки канат Ордо өргөө, Каныкей өзү ийилип эшик тартты. Айкөл баштап киргени. Артынан Кыргыл баштап кырк чоро атуулдашып кириштн. Жекендос менен баяндос кабат-кабат салынган үй ичине кырк чоро менен кызмат кылган кырк кенизек кенен батып отурду.

Манас төрдө, жолборс талпак үстүндө. Каныкейи жанында. Бал кымыз ичип кызып, арак менен шарапка дене-бой ысып, мандайдан тер сызып, баатырлар азыркы кепти таштады, өткөндөгү кызыктуу кептен баштады. Баландай эрөөлдө мен баланча дөөнү сайдым деп бири мактанса, койсоңчу калпты апыртпай, качан болсо жансоогалап качып калганында мен сактап алып жүрбөйүмбү деп башкасы бакылдаса кыраакаткы күлкү жаңырып, чоролор дууга кирип алышты.

Алаңгыча Каныкей нуска менен ашыкпай-шашпай, Манасына тикбакпай, аяшым деп, Алмамбетке сөз таштады:

— «Чоро» деген чоркок сөз, ушул отурган кырк чоро чындап келсе кырк жоро. Катуу багыт жортуулга аттанып калган чагында. Жолго чыгып баратып, кайрылып учурашканыңарга төбөм көктө. Конор болсоңор аны айткыла, түштөнөр болсоңор муну айткыла, капилет камсыз калбайын, конок ашын камдайын.

Анда Алмамбет обдулуп жооп кайтарды:

— Калк туткасы кан болот, казат улуу жол болот. Кайрылып конуп калганда кантип жылдыз оң болот? Ашына биз ыраазы, жеңе, жолубуздан кармабасаң экен...

Канымкей ээк кагып, кол жаңсады. Эшиктен баш багып турган желдеттер белендеп турган ак боз бээни туура кармай берди.

— Айкөл менен жоролорунун ак жолуна айтып койдум, эрнап чалдым! — деп Канымкей тура калып, түндүктү карай Көккө алакан жайганда Манас баш болуп, баары тура калды, бата кылды. Кайра жай алышып отурганда Канымкей сөзүн улады: — Кыраан баатыр кырк жоро, азган-тозгон сен эмес, жоо жолуна белек бербей салт аткарчу жеңеңер бейбак мен эмес! Ар кимиңе бирден сарпайы кийим жабайын, кылым баскан эрлерден мен дагы ак бата алып калайын!

Кырк чоро дагы эминеси бар дегендей умачтай көзү ачылды. Канымкей төрдө отурушун жазбай эшикке ээк какты. Отуз балбан жабылып алып келди бир куржун, көк-жашыл түстүү зор куржун, атан эмес, пил куржун. Мына ошондо гана Канымкей Ордо өргөөсүн эпчи жагына барып, куржундун эки көзүн тең ачтырып, ар буюм-кийимдин сын-сыпатын айтып дагы жатмагы, ар бир чорого ылайыгын таап, кийгизип да жатмагы.

Бээжин ысык жер деп кабарын алган Канымкей кыраандарым аптапта жүдөбөсүн, терин шорголотуп кирдебесин деп, кедик койдун тармал жүнүн тасмалдатып кырктырып, токсон кемпир алдырып, тырмакка салып тыттырып, келинге кесе бастырган, кызга кыя тиктирген, уздан узга сынатып, жүн ичине албарс өгөндү кынатып, сайса найза өткүс, чапса кылыч кескис, баары алтындан чоктолуу кырк калпак койгон камдатып.

— Жоо бетинде, бөтөн жерде узак жүрөрсүңөр, эл-жериңди сагынып ичтен күйөрсүңөр, ошондо ак калпакчан кырк баатыр биринди бириң көрүп, Ала-Тоону көргөндөй демденип калсын дедим, «Ак калпак кыргыз» деп түмөн журт силерди бөлө таанып сүрдөп турсун дедим!

Канымкей өз колу менен кырк чорого кыдырата кырк ак калпак кийгизди. Манасына өнтөлөп төбөсү бийик шуңшуйган, талаасы жайык далдайган кантеңир калпак кийгизди.

— Жаша, жеңе! — деди чоролор.

— Ашыкпагыла, батаңарды аягында бергиле,— деп Канымкей кайра куржунуна кол салды.

Кыштын күнү бет келип урушса, тумактары жыртылып, найза учуна кеткидей болсо, же кулагы түшүп кулжуюп, муруну түшүп мулжуюп калса, жалаң көк темир туулгага башы үшүп калбасын деп, кыш киерге кырк тумак белендеген. Ичин суусар ичтетип, тышын буулум тыштаган, үч талаа кылып бычтырып, туулгага чак кылып жаактыгын түшүрүп, басырык уруш салышса башына баса кийсин деп, башынан түшпөй жүрсүн деп, алкым бүчүлүгүн кайыштан тактырган.

Кырк чорого кырк тумак, Канымкей өз колу менен кийгизип чыкты бек кынап. Манасына өнтөлөп жолборс сүрдүү бөтөнчө кан тумак кийгизди.

— Жаша, жеңе! — деди кырк чоро болбой эле.

— Башыңарга кут консун! — деди Канымкей.

Анан кайра куржунуна эңкейди.

Урушта туруш болмокпу, жаан-чачын күн болор, жакалары кир болор, көңүлү чөгүп жүдөсө кеп сөкөтү бизге калар деп, кайран жеңең Канымкей кырк чоронун ар бирине ондон көйнөк, он дамбал тиктирип койгон жайы бар.

— Көзү барга кийим болсун, жаман айтпай жакшы жок, уруштун тилеги өлүм дейт, шейит кеткенди кемегедей жер оюп, кызыл-ала кылып, кийимчен коймок белеңер, анда бул кепин болор,— деп үшкүрүп койду Канымкей.

Кенизектер алпарып ар кимисинин алдына койду.

— Бар бол, жеңе! — деди чоролор.

— Бар болгула! — деди Канымкей. — Бар болсун деп силерди бирден чопкут камдаттым...

Чоролордун узуну бар, кыскасы бар, ар кимисинин нускасын алдырып, үлгүгө салдырып, Кара Шаар, Камбылдан, Чынмачындан, Ман-

жудан, жибек тарткан кербенден, өнөрү өскөн элдерден бир кезин мин дилдеге кырмызы тандап алдырып, кыргыздан минден бир узду, ногойдон минден бир узду, ойроттон минден бир узду тандатып келтирип, алтымыш кызга асемдетип бычтырган, алты кабат курдатып, болот-албарс эгетип, табак-табак солотуп, кырк жүлүн кылып шырытып, болот шибеге өтпөй он-он бештен сындырып тиктирген ичи торгун, тышы кырмызы, жакасы алтын, жеңи жез, калындыгы жарты кез атса ок өтпөй былчыйган, чапса кылыч кеспей кайтарылган, сайса найза тешпей майтарылган кырк чопкут. Кенизектер бирден сунуп турду, Каныкей өз колу менен ар чоронун жонуна өзү жапты.

Манасына эки чоро кийсе шөлбүрөп кең болор бөтөнчө чопкут жапты.

— Жаша, жеңе! — деди чоролор.

— Шаа колдосун! — деди Каныкей.

Мергендерден кеп угуп, көргөндөрдөн көп угуп, Дандун Баштын текесинин териси калың деп угуп, Абыкени баш кылып, алтымыш мерген аткарып, сексен теке аттырган, алты ай жайы ачытып, жез челекке жаткырган, анар кабык алдырып, ширесине боеткон, катын бычып, кыз тигип, Арууке менен Бурулча токсон кызды башкарып, тогуз ай катар иштеткен, токсон жигит алдырып, талкууга салып ийлеткен, капшуура салып тиштеткен, жылан боор бүктүрүп, жымырата тиктирип, нар менен тартса айрылбас, атан тартса сөгүлбөс кырк кандагай камдаган.

Кенизектер бирден алпарып, чоролордун алдына коюшту.

Манасына Каныкей пил терисиненби, өзгөчө кандагай камдаптыр, буура сан, пил шыйрак, дөө кийсе төбөсүнөн батып кеткидей. Аны өзү алпарып төрөсүнүн алдына койду.

— Жаша, жеңе! — деди чоролор.

— Бар болгула! — деди Каныкей.

Кербендерден кеп угуп, кайсы жердин булгаарысы мыкты болот деп угуп, ошолордон алдырып, Алымсок деген атактуу өтүкчүнү баш кылып, жүз өтүкчүгө ултартып, такасынын кыюусун тасма менен кыратып, сары алтындан сулатып, таманын калың койдурган, таканын ортосун терең ойдурган, кош жылаажын койдурган, наалысын болот кактырган, кийсе кыба кандырган кырк чорого кырк өтүк камдаткан.

Кенизектер жуп-жуптап чоролордун алды-алдына коюшту.

Манасына Каныкей алтын өкчө, жез наалы өзгөчө өтүк койду өзү барып алдына.

Өтүктөрүнө кошо жай киери бир бөлөк — барчадан байпак жоролуу, ак кадек чулгоо оролуу, кыш киери бир бөлөк — түлкү байпак жоролу, дүрүйө чулгоо оролуу — баарын жана барып бөлүп-бөлүп коюшту.

— Жаша, жеңе! — деди чоролор.

— Бар болгула! — деди Каныкей.

Жаа тартышып урушса жебенин огу зыркыран, тийген жери тешилсе жаман түйшүк күч болор, жанга кыйын иш болор деп, аяк жагы табарсыкты чаптаган, жогору жагы айбалканы каптаган, ичи болот сырты алтын, тогоосуна калың көөхар көз чөктүргөн кырк чорого кырк кемер кур камдаган.

Каныкей өзү кемер курдун ар бирин кырк чоронун ар биринин алды-алдына койду.

Манасына чылк алтындан жасаткан, тогоосуна жолборстун башын бастырган, көөхар көз калың чаптырган эни үч карыш кемерди өзү алпарып, кучактай калып белине курчады.

Эки жыл, бир жыл эрикпестен атышса ок-дарысы түгөнөр, ойрондор жандан түңүлөр, ошондо кастарлуу эле Каныкей деп эстеп, куржунга кол салса, аяктан эчтеме таппай чыкса колу уялып калар деп, кайран жеңең Каныкей сексен төрт чанач дарыны, жүздөн огун бөлөкчө, оттук, бычак, милтелерин дааналап, чоро башына элүү кулач милтеден белендеп, такыр эле ок-дарысы түгөнүп, жайдак кармашып кал-

гыдай болсо белинде белен болсун деп, эки миздүү тинтеден да кыркты бүлөтүп, кынына салып койгон жөнү бар.

Кылым кол басса кенебес, кырк дөө келип асылса чымынча көрүп элебес айкөл Манас ордунан туруп күрсүндү:

— Бери келчи, Каныш,— деп жанына жарын чакырып алып, сол колу менен имере кучактап, оң колун көтөрүп, айтып турган анты бул:

«— Атаң-атаң дебеске, артылта камчы салбаска, артыңан күнү албаска Аккелтенин огу урсун, көк милтенин чогу урсун!»

— Жаша, Манас! Жаша, жеңе! — деп дуулдап кырк чоро тура калды ордунан.

Элжиреп кеткен Каныкей терс толгонуп көз жашын сүртүнүп, оң толгонуп жаркылдап, алакан жая бата берди баарына:

— Бар бол, Айкөл! Бар болгула, жоролор!

— Жаша, Манас! Жаша, жеңе! — деп жоролор дуулдады.

Жетип барып Тазбаймат эшин тартып калганы, кырк чоро сыртка чыкты чубуруп.

Чоролордун артынан Айкөлү чыгууга жүткүнгөндө, токтотуп калды Каныкей, Ордо үйдүн түнөк бөлүмүнө киргизди.

— Тозулуп кетиптир дебейм, бирок Ордоңон жаңы кийинип чыкчы!

Ак жол каалап ырым кылып, айкөлүнүн үстүндөгү кийимин бүт сыйырып, жаңыртып кийим кийгизип жатып Каныкей бейбак муну айтат:

— Сайбаатыр, көйкашкалар казат жолго чыктыңар. Бээжинге үч ай — токсон күн. Алты ай кыш оорук жатсаңар, алты ай жай уруш салсаңар Теңирге жаның аманат. Айкөлүм, өзүңөн бек сураарым, мобу кыраркаңын белинде омурткаңын ашташында алакандай агың бар, жарык көргөн күнүндө мүрөктүн суусуна киринтип жатып, алаканга кармап турган жерине суу жетпей калган эле деп, кайненем Акбайбиче көп айтат. Башка эч бир жериңе ок да өтө албайт, найза да теше албайт. Аркаңа гана сак болсоң, кемериңди түшүрбөсөң. Амалы шумдук Коңурбай алдап сайып жүрбөсүн. Жанында жүрсөм мен кана! Алты ай болду боюмдагы кыймылдап калган балага. Аман-эсен көз жарсам, аспиеттеп багармын, казаттан кайткан чагында алдыңан тосуп барармын. Ага-чейин өзүң жок, тутунганым — кыргызым, карманганым — кыргызым. Теңирден тилеп жүрөрмүн оңунан бер деп жылдызын...

Деп Каныкей айкөлүнө сактап жүргөн жаңы кийимин кийгизип, эки көзү балбылдап, жаш кылгырып жалжылдап, эриндери бүлкүлдөп араң турду карманып. Ак күрөөкө, төбөсү бийик ак калпакчан Манасы өргөөгө батпай шаңы күч. Канышын бек кучактап алкымынан алты өптү, эки көзүнөн эки өптү, эрининен үч өптү.

Анан деди:

— Кан Ордосу Ак Сарайга көчүп коносуң. Жардыгым бар. Мен келгиче эл жакасын, жер кыйырын багып турасың. Чабармандар көп келер, менден кабар алып турасың... Кош, Каныш, балаң экөөң бар бол!

Кыйын болуп бөлүнүү экөө эзилишип турушту. Айкөлүнүн кең көкүрөгүнө башын жөлөп, акырегинен артыла кучактап, Каныкей кое берчүдөй эмес. Эки жүрөк дүкүлдөп, биринин какканы бирине туюлат. Манас да ашыкпады. Акыры Каныкей өзү көкүрөктөн түртүнүп, толгоно берип, жең учунда жүргөн кол жоолугу менен көз жашын сүртүндү.

— Ыйлаган жокмун, айкөл, эзилип кеттим! Теңир колдосун! Жүрчү, чыгалы, сыртта кырк чороңо кырк бедөө байлатып койгом...

Баатырдын коштоосу ушундай жөпжөнөкөй эле болот экен.

Экөө сыртка чыкканда кермеде байлануу турган кырк бедөөнү кырк чоро кызыга карап калыптыр. Куранды ээр токулган, кундуз көрпө жабылган, көпчүгү мамык жаздыктан, үч катар басмайыл тарттырган кырк бедөө актыз тиктеп жер чапчып, ыкчырылып ыргыштап турат. Кол кажыга башында бирден доол байлануу, билериги да алтын, билезиги да алтын. Пил терисин каптаган, чымын тийсе зыңк эткен, көк доолдун кырбусу да сары алтын. Борондуу күнү суук өтпөс, жаандуу

ды, кимдин коштогон аты качты, кимдин нааразылык кейиши ашты — дагы-дагы ушундай аскер ичиндеги кемкертиктин баары Алмамбеттин жадында жана жанчыктагы катында. Чыпчак кырк күн болду дегенде Кыргылчал чыдай албады: ат бастыра албай чокчоюп, ак сакалы арбайып, кыл муруту киштикиндей түксүйүп, өлүк таңып койгондой ээр үстүндө шалактайт. Онбашысы Бозуул болуучу, ээр кашына өбөктөп Бозуулга кеп айтат:

— Э, кулунум Бозуул, шайым кетип түгөндү. Кытайдан келген доңуз кул кан ичмек болгон шекилдүү. Он күндө бир кондурбай курутат го бу доңуз. Же эсер Манастын дайыны жок. Мыктылык кылам дей берип, кол кырылып кетет го. Камоодо айдап өлтүрбөй башымды кесип алсаңчы, Манасыңа барсаңчы. Атагым Кыргыл болгону, алтымыш жашка толгону мындай кордук көрбөгөм.

Анда Бозуул корчоңдойт:

— Аксакал Кыргыл не дейсиң? Башымды кесип алгын деп, өзүң өлүп тынар болсоң кошуундун камын не жейсиң? Өлсөң өзүң өлө бер, белинди бүктөймүн да, астындагы Акборчугуңа жүктөймүн. Колдун сан эсебин алганда он элек тогуз калдык, онунчубуз Кыргыл доңуз болуучу, мына деп сөөгүңдү эсепке коштуруп коем,— деп корсулдап койду да, атын моюнга чаап бастырып кетти Онбашы.

— Күйөр чоро-жолдош сен болсоң!.. Башымды кесип алса да Манасына барбасам кошуунду кырып аласыңбы, кыямат болду го деп, кыйкырып туруп айтпасам кыркылып калсын сакалым!

Ошентти да Кыргылчал Акборчукка камчы салып, куюндатып жөнөдү. Чаңын көрүп Бозуул: «Бу түгөнгүр чалдын дүмөгү күчтүү эле, кокус кошуун ичинде жоголуп кетсе түбүбүзгө жетер»,— деп тогузун айдап дүрбөтүп, артынан куун жөнөдү.

Кошуундун баш-аягы күндүк жол. Анан калса Алмамбет отуз жүз миң кошуунду, жүз миң ат тарткан ооруктун күлазыгы менен жүгү, андан башка калың кош болуп артта келаткан малчыларды айдаган малы менен, аскерге керек усталарды: темирчи, жыгаччы, ээркер, зергөөлүп, биринин артынан бирин чубатпай жарыш жолдорго, кайчы жолдорго, бирок алыстабас оң-солго салып, алдыга кайгуулдатып, бир түмөндү чалгындатып, оң чыңоолуна эки түмөндү, сол чыңоолуна эки түмөндү, кош кайтарар кароолуна үч түмөндү, артындагы калканычына үч түмөндү кошо бөлүп, тапшырмаларын тапшырып эчак жай-жайы менен жолго салган. Андыктан Кыргыл Манасты тапмагы, тогузун айдаган Бозуул Кыргылды куун тапмагы табышмак эле.

Улам бир түмөндөн кеп сурайт Кыргыл, Манасты көрдүңөрбү деп сурайт. Кыргыл гана чарчап, башка эл тың бекен:

— Өрттөнүп кетсин канкорун. Өгүнү бир караанын алыстан көргөнбүз, өтүп бара жаткан,— дейт.

— Бу ким, ыя? Ойроттон чыккан шок чалбы, же Онбашысы жок чалбы! — деп шылдыңдап күлүп калышат.

«Элдин баарынын жинкени куруп келаткан экен, тезирээк Манасты таап айтпасам болбойт!» — деп Кыргыл ого бетер теминет.

Менин онуман бир чал качты деп ачык айта албай Бозуул амал кылып жолду катар жолукканда:

— Чапкылаган чал көрдүңөрбү? — деп сурап барат.

Төрт миң желдет, жанжигит төрт тараптан тең коштоп, Манас бөксө жол менен боорлоп, кошуундан четте баратат. Казанат тулпар Аккула маралдай төшү маңкайып, кулжадай көзү кызарып, эликтей элкин секирип, төрт аягын тик салып, туягын жерге мылгытып, тумарын көкө ыргытып, басыгы чыгып алчактап, Манасын эриктирчү кейпи жок, ңаалыктырчу түрү жок. Антсе да кошуундун ойлоп абалын, бир боордо тизгин тартып токтоду. Алты күндүк араны аркан бою келтирген турселдей каптап келаткан кошуундун бир канатын гана көрө алды. Көргөндө нени байкады: ат үстүндө чокчоюп, ээрдин кашына өбөктөп, ас-

кер араң келатат. Коштогон аты бошоп, көбү чылбыр сүйрөп зэрчип ке-
ле жатыры. Атка жүрө албай калган кээ бирин чатырга кошо бүктөп,
артып алганы да бар. Жанында тогузу жок Онбашы ормоюп жалгыз
келатканы бар. Өз тобунан адашып, андаалаган андан көп...

«Кошуун чарчап бүтүптүр. Ашыгып жүрүш бекер го. Кокус капта-
дан жоо кол салса кайрат кылар ал калбай кырылып кетер бардыгы...»
— деп Манас ичинен кейип, этектей бастырды. Байрак булгатып, Ал-
мамбетти чакыртты. Белги сыры белгилүү, канык болгон Алмамбет ар-
демени ойлонуп, Сараланын башын бурду: «Кумсаранын Ач Белинин
ары жагы Жолойдун эли турчу жер эле, алдыртан билип алганбы, ко-
шуунумду бөйрөктөн сайып, капыстан кол салганбы? — деп текетука
болуп жетип келди.

Манас Колбашчынын жардыгына шек келтирбей, ызат кылып са-
лам айтты. Алмамбет алик алды. Анан Манас бөөссүнө сурады:

— Кошуунундун шайы кандай?

— Төрөм, кошуундун камын не жейсиң? — деп тырчый түштү да,
кайра жумшарды. — Баарын көрүп-билип келатам. Аскерлер алдыдагы
согушка али белендиги бекер. Бу кыйналганы куру кетпес. — Жанчыгы-
нан эсеп катты алып чыгып, карап туруп, дагы айтты: — Эми бир күн
жүрөбүз. Ошондо жол жүргөнүбүзгө кырк бир күн болот, түнү кырк
бир түн болот. Өргүп жатар жерибиз улуу дайра. Оркундун кең өзөнү.
Аерде бизге кас элден эч ким жок ээн жер.

Сүйлөшкөн сөз ушу болду: Колбашынын жардыгына Манас доо
кетирбеди, төрөнүн шагын Алмамбет сындырбады...

Алдыдан жолугар дайранын салкынынан соккон желге ээликкен
Аккуланын куйругу асаба туудай жайылып, Манас камаарабай бара-
са, арт жактан чың-чың үн чыгат. Караса Кыргылчал келет далбактап.
«Нескаранын эли жакын калды эле, кошуунга капталдан кайза салды-
бы?» — деп Манас аттын башын тартып калды. Жетип келип Кыргыл-
чал, сүйлөй албай энтигет:

— Бээжиниң бемирен болсун, кытайынды кыргын алсын!..

— Ой, эмне болду, эр Кыргыл?

— Көтүм жооруп, шай кетти!..

Сурданып турган Манас аргасы жок каткырып калды.

— Кырктын башы деп жүргөн Кыргыл сен болсоң!.. — деп, бирөк
сөгүнүүдөн тартынды. — Бар, Онбашыңа айт арааында! Аның ким эле?

— Бомуран калган Бозуул!

— Онбашың жүзбашыга барсын!..

— Барып эмне кылат?

— Жазасын алат!

Адилеттик издеп армандуу келген Кыргыл эми түшүндү, ойтоп
алып, атын моюнга чаап, терс кайрылды.

Кол илгери баратса каргап-шилеп күңүрөнгөн Кыргылчал тескери
баратты:

— Манасың менен куруп кал, казатың менен чирип кал, кытай-кал-
магың менен кара жерге кирип кал! — деп какшап баратты.

«Байкуш чал айнып калган экен»,— деп укkан-көргөндөр бир ка-
рап коюп жүрө беришти.

Кошуун жана бир күн жол жүрдү.

Алмамбет Бектерди чакыртып алып, жардыгын айтты: кечке жуук
улуу дайра Оркунга жетерин, ээрге мингалып алы кеткен аскер аттын
башын тарта албай дайрага кирип кетерин, токтолбой сууга баш салып,
аскер түйнөк болорун, аттардын бутуна суу түшүп, аксак болорун айт-
ты; ошого сак болуп, тартипти катуу кармоону эскертип айтты; улуу
дайранын кең өзөнүндө жети күн өргүү болорун айтты; өргүү десе чал-
калап жатып албасты, аскер маштоо, ат таптоо тынбай жүрүп турушун,
Колбашчы өзү баш болуп, бектерге, түмөнбашы, миңбашыларга тыны-
гуу жок экенин бек айтты...

Жети күн өргүү берген себеби — Алмамбеттин жайчылдык эсеби
боюнча Оркундун башында мөңгү бузулуп, дайра кирип турган кез.

Жети күн чамасында с
ууп, үйөр жүрүп алып
ыптыр, карагай агып,
ошо агып жатыры.

Жетинчи күнү ка
эле баягысындай. Анд
болду. Кошуунду атта
тын сууга салганы. О
ры жамгырлап, бөксө
инбай жаап сампар
ап, темир аяз чып к
онду, мөңгү эригис ч
ондо Алмамбет эки
кан музду абай басы
аны. Көз ирмеп ачы
ш, күн көрүндү жар
учту зыңылдап. Кош
какшып калыптыр, а
өгүдөй болгон балы

Алмамбеттин кө
өмөлдү. Андан ары
басты, калың чыбы
пай айдабай Алмам
үч күн аскер оюн о
сайыштын, жалтанб
кан тосуп керекте
сөтүп, ыгына колду
кагыштырып, бирде
дан чыга калыштыр
тын, «керик чемиш»
өнөр согушта өске
баратты. Жаа түгө
тет, кылыч менен
айбалта учса кане
родарышат-энишет
га аралжы, оодары
дип мингизет... да
Алмамбет баарын

Мурдагыдай
на. Күн кыскарып
йын ооруктун Алм

Акыры бир к
аккан чоң дайра,
нын боору бадал
га жайлуу, оттуу,
сууга зар болбос,
келсе кирер жери

Анан калса
жайнайт, бурушу
найзалап сайып
айры мүйүз бугу
дуруп жибергени
чымчыктары ула
түпөктүү найзад

Алмамбетти
айтып жар салы
салкын болгону
баанек. Азыртан
он бирине бирде
жылуу бек салы

Жети күн чамасында суу тартылар. Азыр болсо алтымыш дайра кошулуп, үйөр жүрүп алыптыр, кан жыттанып жошолонуп, чамгарактап калыптыр, карагай агып, таш агып, аттай болгон балыктар алы келбей кошо агып жатыры.

Жетинчи күнү караса Оркун дайра тартылар пейили жок, дагы эле баягысындай. Анда амалкөй Алмамбет жай ташты сууга байламак болду. Кошуунду аттантып-жүктөнтүп, жолго даярдап коюп, жай ташын сууга салганы. Он бир түйүн дуба окуп бүтөр замат жаканын баары жамгырлап, бөксөнүн баары мөндүрлөп, жамгыр карга айланып, тынбай жаап сампарлап, аяз күчөп чыкыроон, кар басандап кымкарлап, темир аяз чып кармап, кар тозондоп үйлөнүп, дайранын башы бек тоңду, мөңгү эригис чеп болду. Аскер жүдөп, ат жүдөп, тоңуп өлөр болгондо Алмамбет эки кулач көк чыбыгын суудан сууруп алганы, калдыркан музду абай басып, он бир түйүн дубасын кайра жандыра окуп калганы. Көз ирмеп ачып-жумганча ободогу көк булут оодарылып кеткени, күн көрүндү жаркырап, алтын күрөк жел жүрдү аркырап, чымын учту зыңылдап. Кошуун карап көз салса таш көрүнүп даңкайып, дарыя какшып калыптыр, агынды болгон дөңгөчтөр ар жерде жатат каңкайып, эгүздөй болгон балыктар өлүп жатат тороюп.

Алмамбеттин көк туусу жол баштап өттү кечмеден. Кошуун арттан өмөлдү. Андан ары карата дагы далай жол жүрдү: ашуу ашты, чөл басты, калың чыбыр аралап, жылганы өрдөп, бел басты. Баштагыдай айдабай Алмамбет чыйрала түшкөн аскерди үч күндө бир өргүтүп, үч күн аскер оюн ойнотуп, машыктырып баратты. Көз ирмебей найза сайыштын, жалтанбай кылыч чабыштын, мээлеп жаа тартыштын, калкан тосуп керекте талуу жерин катыштын сырларын Алман өзү көрсөтүп, ыгына колду үйрөттү. Түмөн менен түмөндү бирде бет келтирип кагыштырып, бирде бирин буктурмага бек катып, капилеттен капталдан чыга калыштырып, беттешкен «жоо» көп болсо «ит урушун» салыштын, «керик чемиш», «пил өмчөк», «көп бөрү» «ит уруш» дагы-дагы көп өнөр согушта өскөн Алмандын билбегени жок өнөр үйрөтүп баарын баратты. Жаа түгөнсө канетет, найзалашып сайышат, найза сынса канетет, кылыч менен чабышат, кылыч түшсө канетет, айбалталап согушат, айбалта учса канетет, шалк этме менен согушат, шалк үзүлсө канетет, родарышат-эңишет, жоо күчтүү болсо канетет, согушта жолдоштук жанга аралжы, оодарылса учкаштырып алып кетет, аты качса жетелеп келип мингизет... дагы-дагы түгөнгүс согушуунун өнөрүнө көсөм болгон Алмамбет баарын көрсөтүп, аскерин маштап баратты...

Мурдагыдай жүдөбөй аскер мыктап машыкты, аттар келди табына. Күн кыскарып, чөп саргарып, күз жышааны билинди. Кыштаар жайын ооруктун Алмамбет көйүндө чектеп кетип баратты.

Акыры бир күнү түш оогон чакта кең өзөнгө жетишти: жайылып аккан чоң дайра, жээги токой-саз экен, кең жайылган апай төш сайынын боору бадал токой жай экен. Кыштыр-жайдыр жайыты кенен, малга жайлуу, оттуу, кишиге жылуу, ызгаардан ыктуу, отунга кор болбос, сууга зар болбос, алкымы чаткал, төрү мөңгүлүү аскар, капилет жоо келсе кирер жери бир өзөн, бейкут жай экен.

Анан калса кийиги киши көрбөгөн баео экен. Кумайында аркары жайнайт, бурушунда бугу жүрөт. Аркарды койдой айдашып, аскерлер найзалап сайып алып жүрдү. Найзага чылбырдан укурук тагып, алты айры мүйүз бугуларды чалып кармайбыз дешип, найзасын колдон жулдуруп жибергени канча. Маралдарын карасаң, мала кашка инектей, чымчыктары улардай, алмасы бар аяктай, кымыздыгы таяктай, жекени түпөктүү найзадай, машалары көлдөгү суксур чүрөктөй...

Алмамбеттин жардыгын Ырчуул жорго минип чайпалып, ырдап айтып жар салып жүрдү: ушул жерге кыштайбыз, кышы жылуу, жайы салкын болгону менен кыш ызгаары деген бар, чатырлар күнүмдүк башбаанек. Азыртан кол камынып; кыштоосуна Онбашы карагай кестирип, он бирине бирден чум салсын, кадимки там үйдөй кылып кынаптап, ичи жылуу бек салсын!..

Ошентип жайгаштырып аскерин, Алмамбет кыдырып жүрдү кошуунду. Алкымда бийик тектирде Манастын алтын кыюу көк чатыры заңкаят. Анын сол ныптасы тектирде Бакайдын ак чатыры шаңкаят. Желкесинде чатырдын Туубашынын Көк туусу аркы ак мөңгүнүн шаңында көк шоокум болуп жалпылдайт. Андан ылдый өзөн кенен жайылып, түмөндөп кол жай алган. Бектердин ар түс туулары, Түмөнбашынын байрактары, миңбашынын желектери ар-ар жерде желпилдейт. Отуз туу, үч жүз байрак, үч миң желек белги болуп кошуунга алдагайдан көрүнөт.

Эл-журт жок жапайы ээн жер болсо да, Алмамбет оболу кол сактыгын ойлонду. Жамгырчы, Төштүк, Үрбүнүн жүз миңден үч жүз миң колун чыңоол кылып, өрөөндүн этек жаккы жайыгына жайгаштырды. Кырк чоронун кырк түмөнүнөн он түмөнүн оң боорго, он түмөнүн сол боорго жайгаштырып, кароолдук милдетти такты. Калган жыйырма түмөндү өзөк-жүлүн кылып, кошуундун кыр өзөк ортосуна узатасынан жайгаштырды.

Ошентип, жайгашып кошуун тынч алган соң үч күндөн кийин Алмамбет желдеттерин чаптырып, кол башкарган кыраандардан кол эсебин талап кылды. Онбашылар орондоп, Жүзбашылар корондоп, Миңбашылар сорондоп, аскерин жыйнап тургузуп, жан эсебин бир алды, жоого минер мингичи мал эсебин бир алды. Онбашыдан он бир аскер, жыйырма эки ат, Жүзбашыдан жүз он бир аскер, эки жүз жыйырма эки ат болуп отуруп, акыры отуз жүз миң кошуундун жан эсеби, мал эсеби так чыкты. Бирок!.. Бирок, демекчи! Мактап жүргөн кырк чоронун бир кырааны Тазбайматтан калп чыкты. Кошуунду кыдырып, өз көзү менен эсептеп келаткан Алмамбет Колбашчы Тазбайматка жеткенде ал:

— Мына, мени менен биз да он! — деп коет.

— Кандайча?

— Тогузу мына, ону мен! Онубуз тең аманбыз! — деп турат Баймат мистейип.

— Онунчу болбой куруп кал! Айттым беле өкүмүм экөө болбойт деп! Мунун дени-карды соо эмес! Кармагыла, желдеттер! Башын чапканда кийими кан болот, чечиндирип салгыла! — деп Алмамбет жаалы келди. — Кырк чоронун бири деп ишенгеним сен болсоң! — деп ашатып сөгүп да ийди.

— Өлтүрсөң да, сөкпөгүн! — деп Тазбаймат асылган алты желдетти алты жакка ыргытып, Алмамбеттин өзүнө чакчырылды.

— Кепин кийиң келбесе кийимчен белин бүктөп эле сындырып койгула! — деп Алмамбет атырылды.

Ошондо сергек туулган эр Серек тура калып ортого:

— Ой, баатырлар, кулак сал! Колбашчы, жан соога! Тазбайматтын онунда Манас төрө өзү дагы бар эмеспи! — деп Байматты калкалады. — Ой, Кадырсейит катчыбыз, катталган эсеп сендеби, окуй койчу,— деп Серек шаштырганда, делдейип турган Кадырсейит катчы эсеп катын алып окуса, чын чыкты — Тазбайматтын онунда Манас төрө катталуу экен.

— Аа, эсиме жара чыккыр! Ошондой болчу! — деп коет Тазбаймат. Ары кериде сырттан байкап бардыгын, кементайчан Манас турган көк жалтаң зоока кейиптенип.

— Ой, төрө Манас, кел бери! — деп кыйкырды Тазбаймат. — Келип катарга тур! Сенин айыңан өлүп кала жаздадым!

Дайынсыз күндө күлбөгөн, күлгөндүн сырын билбеген Айкөл каалгадай кашка тишин кашкайтып, карсылдай күлүп бери басты.

— Улук кишим сен болсоң, унуткан кишиң мен болсом!.. Кап, Серек, айтпай эле коюун, мунун белин бүктөсө болмок,— деп Алмамбетке кайрылды: — Колбашчы, бийлигиңе моюн сунамын, бирок ушул жолу бир ачуунду мага бер, Баймат баатырдын жанын бер. Айыбын Баймат кандуу кагылышта актасын.

Алмамбет арсандап күлүп тим болду.

Ошондо карпандай келип Кыргылчал Алмамбетти бек кучактап калганы.

— Атаңа баракелде, Алаке! — деп үч кайтара жаак тийгизе учурашып алганы. Бу жоруктун чоожайын билгендер күлүп калды, билбегендер таң калды.

* * *

Туубашы көсөм Бакайдын төрүндө үчөө отурду: Манас, Бакай, Алмамбет. Сөз учугу — чалгын чалуу тууралуу.

Алмамбет айтып отурду:

— Төрөм, катуу багыт жолдобуз. Нечен деңиз жер басып, ат сыналар кезеги, сыр тартып жоодон жол чалып, эр сыналар кезеги. Көрбөгөн жолго барчуудан, коркпой Какандан чалгын чалчуудан, билинбей душмандын сырын алчуудан, кокус билинип калгыдай болсо тайманбай уруш салчуудан эрендерди чалгынга аткаралы.

Анда Манас кеп айтат:

— Каканчындын мүнөзүн кадимден жайын билесиң. Бакбурчунду башкарып, баштаган колун дагы, тилин дагы, жорук-жосун салтын дагы сенден артык жан билбейт. Эр Алмамбет, өзүң бар. Колдон тандап кошчунду ал. Жаныңа күйөр жан болсун, өзү баатыр, сөзү өткүр эр болсун. Бейлеп жүргөнүң бар чыгар?

— Бир өзү миңге барабар, өкүм, өткүр сөзү бар, ерт-жалындай көзү бар, султандыгы бөтөнчө сыны Сыргак ашык эр. Макул көрсөң, Сыргак экөөбүз барсак. Эми дагы бир суроо. Куш болсун десең көөнүбүз, жылкы тийгенге жараган бир кош ат бер. Мен байкап жүргөн буудандан Ажыкенин Карткүрөңү жанга ченеп минер мал: ай караңгы түндө да бир изин жаза баспаган, кошсоң түмөн жылкыга адашпай жол баштаган адамдан эстүү жаныбар.

Алмамбеттин айтканы эки болбоду. Ырчуул менен Бозуулду чаптырып, Ажыбайдан ат суратты. Сөз дайынын уккан соң Ажыбай:

— Кыраан Алмаң сураса каран калсын Карткүрөң, ат эмес башымды сураса да садага чаап кетермин! — деп тулпарын ноктолоп коштотуп жиберди.

Ошентип, Алмамбет менең эр Сыргак жолго артыкбаш жүк албай, зымпыйып муздай темир кийинип, каруу-жарак, күлазыгын чектеп, табына келип жулкунган Сарала менен Телкызылды минип, Карткүрөңдү коштоп, кайгуул жолго чыкты.

Калабалуу Кыргылчал оендордун баарын чакырып, Ордо салды. Байгесине төрт байталды байлап койду. Кырк таман ордо чийишип, жыйырмадан болуп кырк киши ордо атышып калды. Кырк чоро баш болуп, баатырлардын баары бар. Бакай жок — кароолго кеткен, Манас жок — алкымда, Чубак жок — аралдагы көшкө кеткен.

Ажыбай менен Кыргылчал — эки жаттын башчылары. Ажыбайдын жааты аткыч экен, кыркырата томпой атып, топ бузуп, ичке түшүп, зыркырата чүкө чертип, Кыргылдын жаатына кезек жеткирбей жатып жүдөтүп жибериштн. Топ бузулганда жыдымактан кан жылып, чийинге жакын келип калганын Кыргыл тараптагы Жайнак гана байкап отуруптур. Ажыбайдын жаатынын атышы байыганда оюнду оодарып кеткендей болгон. Ичте калган чүкө Кыргылдын жыйырмасына чокондукка жеткидей эмес. Андыктан эми кан эле атышабыз го деп калган Ажыбай тарап. Анда Жайнак ордуна ыргып туруп кыйкырды:

— Кезегибиз келди. Чүкө жетпесе койсун, кан атабыз! Мына мен баштап атам!

— Койсоңчу кычаштыгыңды! Чүкө жетпей калса кан атчу беле?! — деп Ажыбайдын жааты жаалады.

— Кан борбордо жатса атмак жок эле. А бирок кан бая эле тетигиндей жылып кеткен, аны силер байкаган жоксуңар. Борборунан жыл-

Бакайдын айткан акылын ичинде туура көрүп турса да, Чубак күйгөн ичин муздата албай:

— Ай, авам-ай! Ай, авам-ай! — дей берди.

Алаңгыча Аймаңбоз минип болкоюп арстан Манас өзү келип калганы, кайратын көрүп Чубактын каарданыштын ордуна каткырыкты салганы.

— Эй, өрт-жалындай Чубагым, чолок намыс чунагым! Жол билген киши жол билет, кол билген киши кол билет, андан намысың сынбайт. Жылгындуу Талас боюнда: «Жол баштаар кимиң бар дедим, кол баштаар кимиң бар!» — дедим, анда эмине чыкпадың? Чуу көтөрбө, Чубагым, кыйын кезең кан жолдо билгичтик кылар убагың! — деп Манас Чубактын туталанганын баланын таарынычындай көрдү.

Чубак болбойт жулундап:

— Он үч жашар чагымда Алтайдын Арал көлүндө чоро болуп кошулуп, ошондо убадалашкан сөз кана? Кезек эми келгенде жадагалса чалгындан мага жол кана? Кылычтын кыл мизин бирге жалаштым, сенин кыйырыңан качан адаштым? Эми айтышарда Чубак сөздө жок, чалышарда Чубак эсте жок! Калыстыкпы ушунуң? Тентип келген кытайга теңебедиң ининди. Кыйын ишиңдин бардыгын Алмамбет менен кеңештиң. Мен Чубак кеңешиңен калганы, куу кытай тизгин алганы! Күрдөөлдүү Манас сен болдуң, ичтен күйүп тим калган көлөкөң Чубак мен болдум!

Деп Чубак кайрадан буркан-шаркан түштү. Бугу чыгып кетсин деп, дулдуюп Манас тим турду. Оолуккан Чубак басылганда Манас айтты:

— Арманың болсо чалгындан, азыр жүрө койгун!

Манас атын теминди. Артынан Чубак жөнөй берерде байкап турган көсөм Бакай Чубакты кылычтын сырты менен жонго бир салды. Чубак кылчая калганда, сөөмөй жаңсап, токтотуп калды:

— Адырандаган санталак, аша чаппай тизгин тарт! — деп зекип койду.

Манас менен Чубак жөнөп кеткен соң көсөм Бакай дүргүп жүргөн нойгуттун калың колун ителги таанга тийгендей кайра кайтарды.

— Кыйкырышкан айбандар, кырылышар душманды кайдан таап алдыңар?! — деп баарын алдына салып алып, кошуунга айдап жөнөдү.

Чалгындын сырын билген Алмамбет Сыргакты шаштырып:

— Оңу келгенде күнчүлүк жерге түш жарымда жет, оңуту келген жерде агылгалап жай таап, шек-шыбаа бербей үч күнү бөгө жат! — деп аттанганда эле күүлөнүп күнчүлүк алыс кетип калыптыр. Алмамбетке тааныш, Сыргакка бейтааныш жерлер. Жер-суунун сырын ачып, тааныштырып, Алмамбет айтып жүрүп баратат:

— Тиги көрүнгөн тоо Тал-Чоку. Андан ары сыйкырдуу кароол коюлган «Ак Кулжа» деген бел бар, «Ак өрдөк» деген көл бар. Андан ары калмак бар...

Ушинтип жоо тааныган Сыргакка жол таанытып баратты, эл тааныган Сыргакка жер таанытып баратты. Ангыча арттан добулбас доошу угулду, Аккелте үнү чаңырды. Эки баатыр мылтыктын үнүн, доолдун доошун тааныды, бирок кошуунга эмне болду деп, андай албай артка кылчайып туруп калышты. Алыста каргадай эки караан келатат. Алмамбет турнабай тартып караса, Манас менен Чубак. Манас Аймаңбоз минип алыптыр, өксүп артта калыптыр, Чубак болсо Көк тулпарын теминип, өкүм жүрүп алыптыр. Артынан куун келиштин жайын Алмамбет айттырбай эле түшүндү: «Бөлүндү кылып кошуунду, Чубак чыр чыгарган көрүнөт. Мунусу — эрегишип мен менен жол талашып калганы. Күүлөнөт эле эр Манас, күлүгүнөн айрылып, күнү каран болгондой. Чыр чыгарып эр Чубак, көп айтып кытай жөнүмдү, мени бөтөнсүнткөн көрүнөт. Жолду берип Чубакка, ишенбеген кишидей четтетип мени чалгындан, кайра алып кеткени келаткан тура эр Манас! Калкы-

нан азган кор тура
турду
Опурулган эр Чуб
розунан кандуу көбүк
экөөнө. Сыргак алик
албады Ага Чубак ог
— Кызыталак ку
дабаңы! — деп аттан
талын салып барып
Өрү калган Айм
жакындаганда жөө т
руна, салам айтышты
алып, астына жол ор
мызы бар, жанкесе
уурдап коюп, алды
уңкуюп, батып бар
дырып койгон белем
бетер түксүйөт. Ан
— Эмне болгон
ба болуп кетти? Ыя?
Ошондо Алмам
— Ой-ой, Мана
туп ийчү немедей ж
ген кишидей ээрчит
айт!..
Анда Чубак ат
— Эй, шум кал
дуу өзөн боюнда ай
жүрөлү деп убада
сен алдың, жолдо
Кол өкүмүн сен ал
жокмун го! Эми ча
бедим. Ага көңүлү
калчу менминби?
сың! Чалгынды мо
көнөсүң, көнбөсө
«Качан бүтөр
алсынчы бук чыга
Анда Алмамб
— Калкынан
тен кан өлмөк, э
ким көрмөк? Кы
Кан кыл дедим к
ринчи чуулгандуу
качан басташкан
ушубу? Атамдан
мүн! Сенин арты
гайдын каны бол
келгемин! Сенин
Жан чыкканча
күнүгө. Атпай
— Атына ми
— Жарайы
пей ыргып минд
Көгаланы т
раланы теминип
секирип чапчыш
кылычтарын кө
бирин бири кыя

нан азган кор тура, каңгыган эр шор тура!..» — деп Алмамбет кейип турду.

Опурулган эр Чубак катуу келди күүлөнүп. Өкүм күлүк Көгаланын оозунан кандуу көбүк чачылтып, жаалданган эр Чубак салам айтты экөөнө. Сыргак алик алды, Алмамбет тетири карап козголбоду, алик албады. Ага Чубак ого бетер кыжырланды:

— Кызыталак куу каңгай, алик албай калыпсың, табайын сенин дабаңы! — деп аттан түшүп, Алмамбетке аркасын салып, Сыргакка капталын салып барып, олтуруп алды обочо.

Өрү калган Аймаңбозчон бута атым өксүп артта келаткан Манас жакындаганда жөө турган Алмамбет менен Сыргак кол куушуруп бооруна, салам айтышты. Манас алик алды. Сыргак Манастын атын алып, астына жол орун сала койду. Белендеп белге байлап жүргөн кымызы бар, жанкесеге куюп, төрөсүнө сунду. Манас акырын кымыз ууртап коюп, алдыртан эки баатырдын бейнесин карап отурат: Чубак ункуюп, батып бараткан күндү тиктесе, Алмамбет акылын ачууга алдырып койгон белем, биринделеген сакалы тикенектей сербейип, кирпиден бетер түксүйөт. Аны көрүп эр Манас кара күчкө каткырыкты салганы.

— Эмне болгон силерге, эки баатыр? Жаңы эле келдик, эмне калаба болуп кетти? Ыя?!

Ошондо Алмамбет чыдай албады.

— Ой-ой, Манас! Ой, Манас! Аңкоосунбай кой, Манас! А көрө жутуп ийчү немедей жутунуп келген Чубагындын жөнүн айт! Мага ишенбеген кишидей ээрчитип алып ининди, артыман кууп келген өз жөнүңү айт!..

Анда Чубак атырылды капталдан:

— Эй, шум калмак, куу кытай! Кечээ кең Таластын оюнда, жылгындуу өзөн боюнда айтышкан шерт кана? Калабалуу күндөрдө кайрылыша жүрөлү деп убадалашкан сөз кана? Пейили тар куу кытай, жол өкүмүн сен алдың, жолдошуң Чубак мен калдым. Анда унчуккан жокмун го! Кол өкүмүн сен алдың, курдашың Чубак мен калдым. Мында унчуккан жокмун го! Эми чалгын чаларда Чубакты жолдош аларга капарыңа кирбедим. Ага көңүлүм кантип кирдебейт? Чалгын чалчу сенсиңби, ооруктa калчу менминби? Калкыңа батпай каңгырап, ушу бузукулугуңа качкансың! Чалгынды мен да чаламын, сен менен кошо барамын! Айтканыма көнөсүң, көнбөсөң, каңгыган калмак, калкыңа жетпей өлөсүң!

«Качан бүтөр экен сөздөрү, канчага түтөр экен өздөрү, акыйлашып алсынчы бук чыгарып», — деп Манас отура берди кебелбей.

Анда Алмамбет чачты каарын:

— Калкынан азган кор экен, каңгыган эрдин шору экен. Эрегиштен кан өлмөк, элимде эрегишпей тим жүрсөм, сенин элиңдин четин ким көрмөк? Кытай, калмак дей берип, кайнаттың, Чубак, канымды! Кан кыл дедим киминди? Кол бер дедим киминди? Каның экөөң биринчи чуулгандуу куу Чубак, кагайынбы жининди?! Ар качандан бир качан басташканың койбойсуң, жериңен оп келген деп, жеригенин ушубу? Атамдан безген мен бир кул сенин агаңа кызмат кылып жүрөмүн! Сенин артыман чабыш кай күчүң, тардыкканың ким үчүн? Кытайдын каны болгончо кыргызга жигит болом деп, мен элимден безип келгемин! Сенин ээрчип чабыш кай күчүң, эрегишкениң ким үчүн? Жан чыкканча деп достошком... Атаңдын көрү дүнүйө, арбыды мээнет күнүгө. Атпай кыргыз балдары, жамандык кылдым кимиңе?!

— Атыңа мин эр болсоң! — деп Чубак ыргып турду ордунан.

— Жарайын сенин өтүңдү! — деп Алмамбет Саралага үзөнгү теппей ыргып минди.

Көгаланы теминип, шыпырып таштап оң жеңин Чубак келди. Сараланы теминип, Алмамбет барды бериден. Эки тулпар азынап, так секирип чапчыша кетеби десе, жытташып туруп калганы. Эки баатыр кылычтарын көтөрүп, чабыша кетеби десе, асылкеч өскөн немелер бирин бири кыя албай селейе катып калганы. Эргип калган эки тул-

пар чапчыша кетер беле, ким билет. Эрегишип калган эки баатыр чабыша кетер беле, ким билет. Көкустан куру намыска бирин бири майып кылып коер деп, күңгүрөнүп эр Манас басып келип, оң колу менен Сараланы ооздуктан алды, сол колу менен Көгаланы ооздуктан алды.

— Алдыма салсам ак жолум, артымда жүрсөң сан колум, эгиздей көргөн эки шер эрегишти койгула! — деди Манас.

Ага да болбойт эки баатыр.

— Кое бер, каңгыган калмактын канын чачайын! — деп Чубак жулунат.

— Кое бер, ичтен чыккан арамдын башын чабайын! — деп Алмамбет жулунат.

Каарына келди эр Манас.

— Атаңдын көрү эки арам! Чоң Казаттын жолунда кошуунду бүлдүрүп, менин көтүмдү ачайын деген экенсиңер! Кысталыш жерде чырлашып, жоо бетине мени жалгыз таштап, качайын деген экенсиңер! Аңылдаган эки акмак, өлүшүп кетчи, көрөйүн. Экөөңүз тең урдум, ушу турган Каңгайга жеке барып өлөйүн!

Оң жагында Алманды оңго силкип жиберип, сол жагында Чубакты солго силкип жиберип, каарына келген кабылан капа болуп экөөнө кара белес кыранга чыгып барды да, тетири карап отуруп алды.

Айкырышкан берки экөө аңкайып туруп калышты. Аттан түшүп алышып, кылычтарын жерге сайышып, баштап айтар сөз таппай, жиңкени куруп майышып, экөө эки жерде турду.

— Ит болдук! — деди Чубак жер карап.

— Итчиликтин айынан чоң уятка туш болдук! — деди Алмамбет жер карап.

— Алаке! — деди Чубак жалт карап. — Итчилик менден кетти! — Чубак Көгаланы жетелеп чылбырын мойнуна салып, Алмамбеттин алдына келди баш кийип. — Башымды кессең да, канымды төксөң да, мен мына! Көгала түгүл, Алаке, сага башым тартуу! — деп сыңар тизелей калды. — Күнөөмдү кеч!

Ыраазы болду Алмамбет, алабарман, ак көңүл Чубагы кандуу согуш ичинде жан кыйышпас жолдошу болсо, ага бир ооз сөз айтпай чалгынга кете бергенин өзүнө чоң уят деп билди. Кыйын кезең жол жүрсөң, караан болоюн жаныңа, мени таштабай ала жүр деген сөзүң эле, ошону кантип унутту? Алмамбет да камчысын мойнуна салып, Чубактын маңдайына сыңар тизе бүктү.

— Катуу айтсам сен да менин күнөөмдү кеч!

Өрттөн кайра тартпас, өлүмдөн качпас эгиздей ынак жүргөн эки шер баштарын канга боелтуп, өлүшүп кетер бекен деп, Манас тик карабай даңкайып, боордо чыканактап кыңкайып, алдыртан кыйгын салып караса, тиги чабышмак болгон экөө дос болушуп калыптыр, бири бирине ат тартып, башын тартуулап, кошулушуп калыптыр.

Алмамбет, Чубак кеңешип, кейип турду эки шер:

— Каснеттүү Айкөлгө кайым айтышкан оңбойт го, кусуруна калган жан эгерим эки болбойт го! — деди Алмамбет.

— Кечээ кырк чоро кырк жерден жыйылып келгенде Таласты берип жер кылды, такшалтып жоого маш кылып, кырқын тең кыраан эр кылды, — деди Чубак.

— Басынып келген байкушту барктап канга тең кылды! — деди Алмамбет.

Антти да, Алмамбет, Чубак ээрчишип алып, камчысын моюнга салып, Манастын алдына барып, тизе бүгүп жүгүндү:

— Арбагы бийик Айкөл, бизден кетти, кечип кой! Башыбыз тартуу өзүңө!

Каалгадай кашка тишин кашкайтып, ыраазы болгон Манас жыргап күлдү.

Дагы да бир ку
таянды. Чокусун мө
тарам таралып акка
талын карагай чер
тамшанышты. Чокун
тайпак тектир бар
дай көрүнөт. Көз ж
гүлтүр шоокум муна
Ошондо Алмам
— Көрүнгөндө
мунарыктаган тетиг
алакандай Анжиян,
ка жакта Алтышаа
ңирге жеткен Теңир
гы бийик Мекениң!
чыкты Казатка. Б
са ошончо кошуун
эл турат. Анын ку
алтын алчу кени ош
да Каспандын кар
мурун, кызыл көз
сың бар. Күн бат
жаткан бели бар.
де катындан чыкк
да Кумсарынын бе
бар. Андан бери
дан бери жагында
нен Бозкертик. Ка
лай конгон чоң Ж
түптүү кытай эл т
уруу. Топон суу
менен Искендер б
бар касты ажал т
ры бар. Өчөшкө
өнөрлүү келет к
лет. Жеринин ча
чымчыктай, чычка
гы сайдын ташы
тырмактары кыл
рени дөнөн болго
дай, жалгыз кан
өрттөгөн жолбор
ал кытайга жетп
Коңур, дал ошо
Кабарыбызд
баскандыр, аны
кумайдагы кулж
үзүнө жазганды
жыйырма батма
түмөндөп кол жы
тып, султаным с
элдин жөнүн,
ган жерди көрг
га Чубак менен
эле жөнөйүн, —
яндады, жердин
Анда Манас
— Ой, Алма
жиниң бекем ж

Дагы да бир күн, бир түн жол жүрүп, төрт баатыр Тал-Чокуга таянды. Чокусун мөңгү баскан, өтөгү жыбыт-жылга сай болуп тарамтарам таралып аккан булак суу. Суу жээгин бадал баскан, боор-капталын карагай чер баскан, оорукка ылайык жер экен деп, баатырлар тамшанышты. Чокуну өрдөп чыгып, мөңгүнүн түбүнө такалган жерде тайпак тектир бар экен, ошээрден алыс теребел бүт алаканга салгандай көрүнөт. Көз жеткен көк жээк тунарык, көз жетпеген алысы көгүлтүр шоокум мунарык.

Ошондо Алмамбет кара кытай, манжуунун жерин айтып турмагы:

— Көрүнгөндө көрүнгөн, көрүнбөсө көгүш күүгүм көлөкө болуп мунарыктаган тетиги жак Чоң Бээжин деген жер ошол. Султан Манас, алакандай Анжиян, кочушка батар Кокон, саал жерде Самаркан, арка жакта Алтышаар ,капталында кеңирсиген Сары Арка, чокусу Теңирге жеткен Теңир-Тоо менен Ала-Тоо, Талас болгон борбору — арбагы бийик Мекениң! Ошончо жерден орчун кошуун отуз жүз миң кол чыкты Казатка. Бу түгөнгүр кытайдын калаасынын бир капкасын ачса ошончо кошуун бош чыгат. Чоң Бээжиндин өзүндө бир кошуундук эл турат. Анын күн чыгыш жаккы четинде оркоюп турган Кара-Тоо алтын алчу кени ошол. Ээлегени Эсенкандын эли. Андан туура жагында Каспандын кара тоосу бар. Чоң Табылгы жайлоонун ээси кылыч мурун, кызыл көз Алоокенин Коңурбай, султаным, өзүнө тааныш касың бар. Күн батыш жаккы четинде сыйкырдуу кароолу Ак кулжа жаткан бели бар. Куу өрдөк сүзгөн көлү бар. Жетиген тарап бетинде катындан чыккан кыйыны Ороңгунун жери бар. Андан бери жагында Кумсарынын бели бар, Нескара сурак сураган манжуулардын эли бар. Андан бери жагында Бороочу кан сураган солондордун эли. Андан бери жагында Тыргоот менен Шибе бар, башкарганы Ороккыр менен Бозкертик. Каспан Тоонун артында Көк-Ноор көл бар, көл кылаалай конгон чоң Жолойдун эли. Көкө Ноордон нары карай кең өлкө, түптүү кытай эл турат. Кыргыз эли кырк уруу, кытай эли бещ жүз уруу. Топон суу тоздоп кирбеген, Сулайман сурак албаган, Үрүстөм менен Искендер барып изин салбаган. Кытайда кайнатма кара дары бар касты ажал токтогон, кырма кызыл дары бар, табылбастын баары бар. Өчөшкөн жоосун жайлаган, жер тырмалап жан баккан, өнөрлүү келет көп кытай. Карапайым калың журту кайрыкер келет. Жеринин чаркы ченемсиз, элинин чаркы эсепсиз. Чымындары чымчыктай, чычкандары күчүктөй, алмасы аттын башындай, жаңгагы сайдын ташындай, алпкара деген кушу бар канаты үйдүн үзүктөй, тырмактары кылычтай, пил, кериги сандан көп, кара куйрук жейрени дөнөн болгон аркардай, бөрүсүнүн чоңдугу Алтайдын асыл атындай, жалгыз канат куштар бар, экөөлөп учат биригип, заарасы жерди өрттөгөн жолборс менен кабылан, суусунда жайнайт кундузу — биз ал кытайга жетпейбиз, Каңгайды көздөй беттейбиз, кармашарың чоң Коңур, дал ошону көздөйбүз!

Кабарыбызды туйса куу өрдөк көлдөн учкандыр, куйрукка мөөр баскандыр, аны көргөн куу түлкү жыбылжып жылгадан качкандыр, кумайдагы кулжага барып жеткендир, кулжасы андап кабарды, мүйүзүнө жазгандыр, Коңурбайга баргандыр. Көң төрө андан туюнуп, жыйырма батман туулгасын кийгендир, кумдай куюлган кытайдан сантүмөндөп кол жыйып, токсон пилге ок артып, тогуз пилге дары артып, султаным сени күтүп калгандыр. Мына, төрөм, жердин жайын, элдин жөнүн, жолдун нугун айтып бердим. Киндик каным тамган жерди көргөндө эреркеп кетип жүрбөйүн, мындан наркы чалгынга Чубак менен Сыргак барсын. Уруксат болсо мен кайра кошуунга эле жөнөйүн, — деп Алмамбет узун сабак сөз кылып, элдин сырын баяндады, жердин сырын жомоктоду.

Анда Манас обдулуп мындай дейт:

— Ой, Алмамбет, сенин айткан жомогуң бүйүрүмдү кызытты. Бээжиниң бекем жер экен, кытайың кылым эл экен, мен баруучу жер

Калмак, кытай качан бурут келип, чаап алар экен деп эндекей жатчу эл бекен! Каптап келет калың кошуун деп, качантан камылга көрүп калышкан. Эң улугу Эсенкан, баатыр башы Коңурбайдан тартып, Кырмус шаанын Мурадылын, кызыл чоктуу Нескараны, калмактардын Ушаңын, кара жалдуу Борончуну, каңгайлардың Ороңгусун, каткалаңдын Сайкалын, солондун башы Алоокени, доңуз мүнөз Жолойду, Токшукердин Бозкертигин, Солобонун Сооронду гун — көй-баатыр менен көсөмдөрүн чогултуп, оболу жабыла лаанатка сыйынып алып, анан кеңеш курган жайы бар.

— Кантебиз, калкым? — десе Эсенкан, ошондо Чаңгели деген дуудуусу минтип кеңеш айтыптыр:

— Көйгап жакка бет алып, көп жүргөн жөнүм бар. Түңша-Тоо бизден күн жүрүш багытта, кыям шашкелик жол, андан ары төрт айчылык жолду мол жүрсө Маңгуба деген жер бар. Маңгубаны жердегеи. Сазаңшаң деген элдин Макел-Малгун деген улугу тирүү жандын шумдугу. Ал жардамга келгидей болсо Манасыңар Огуз уулу болмоктон олуя болсо да Макелдин бүркүмүнө түт келбейт!

Бардыгы ушул акылды туура көрүптүр. Катчыга кат жаздырып, калдайта мөөр бастырып, кат ташычу кузгун кушу бар экен, ошонун канатына бек байлап, учуруп жиберген экен.

Макел дөө башкарган эли баары калбай дөө экен, көлүк минбес жөө экен. Макел дөөнүн өзүн көр: маңдайда жалгыз көзү бар, сүйлөсө сөзүн адам уулу түшүнгүс, оозунан чыккан үнү жазгы күндун күркүрөгүндөй. Аза боюн баскан түк апсайган аюунун жүнүндөй. Жашаган түнөгү аскар тоонун түбүндөгү чоң үңкүр.

Кузгундан кабар алган соң Макел-Малгун тоого чыгып бакырды. Үстүндөгү жүнүнөң көп аскерин келгиле деп чакырды. Нечен жүз миң аскери Макелди мусат тутат экен. Дароо келди жыйылып, көңкү баары жыланбаш, көпчүлүгү жылаңач. Боюн жаап сүйрөлгөн чачтары жер шыпырат. Жаш-карысы билинбейт. Эң кичинесинин башы даш казандай. Жетимиш кулач карагайды таяк кылып алышкан. Коңурсуган жыты тоо арасын каптап кетти. Жылаан көрсө жырып жеп келет, суур көрсө ийининен сууруп жеп келет. Уча качкан канаттууну таягы менен уруп жеп келет. Кашкулак, бөрү, доңузду жондон апчый кармап, эки тиштеп бир жутат. «Ал бурут деген кайда экен? Арык бекен, семиз бекен, чоң бекен, чакан бекен. Канчасын жесе курсак тойгудай?» — деп биринен бири сурап келет. Кээ биринин башында мүйүзү бар, кээ биринин башы экөө, кай биринде жети кол, кай биринде алты бут...

Макел дөө жол баштап, баары артынан өмөлдү. Булак көрсө кашытып ичип, кар көрсө шыпырып жешет.

Жол карап жүргөн калдай дүрбү салып, буларды алыстан көрүп эси чыкты, чапкан бойдон кентине кире качты, мунарына чыгып, коңгуроо какты, кош добулун дүңгүрөтө урду. Бадышасы Эсенкан менен баатыры Коңурбай чыгып, артынан эл чогулуп, калдайдын сөзүн угушту:

— Бу келаткан Макел дөөнүн жут аскери бурут эмес бүт баарыбызды жалмап кеткидей. Бурут келсе мал алат, бул келаткан сазаңшаң эгинди оруп, жан алат. Көрүнгөн тирүү жандыктын бирин койбой жеп салат. Шаарыңды сапырғыдай, туш келгенин түк койбой кайсагыдай.

Бу кабарды угуп, улуктар убайымга түштү.

— Камдангыла, тартуу алып, алдын тосуп чыгалы! — деген жардык болду.

Алты сан ит, миң эшек союшуна камдалды. Токсон миң доңузду тогуз жүз төөгө жүктөштү. Аскердин баары жабылып, бака, жылан, коңуз терип келип, алты түмөн аскер тартуу алып жөнөп калды.

Ортодо Жантак деген дайра бар. Өйүз-бүйүз арасы алты жүз таш жер. Терендиги миң кулач. Адам уулу өтмөккө жыйдырып жыгач алдырган, түбүн түптөп чоюндап, үстүнүн темирлеп, дайра үстүнөн калкытар тегеретме тээк кылып, аябагандай чоң сал салдырган. Тартуу алпараткандар ошол салга түшүп, өйүзгө өттү, Макел-Малгундун аскерин каршы алып чыкты. Каптап келген аскер терип барган коңузду, артып барган доңузду, жетелеген төөсү менен, айдап барган ээсин кошо, алып барган итин, деги алты түмөн аскердин бирин койбой бүтүн куткарбай жалмап жиберди.

Аны көрүп турган бүйүздөгүлөр тээкти басып, салды куру кайра тартып алышты, даашыгышып алактап, кентине качып барышты.

— Булар жалаң бурут же биз эмес, бүт дүйнөнү жалмагыдай! — деп бадышасына кабарлашты.

«Кайдагы балээ чыкты?» деп, Эсенкан тобу менен күйүткө батты.

Дөгүрсүгөн Макел дөө сал-көпүрө бары-жогун эсеп албады. Аскерин ушерге тура тургула деп коюп, бир шумдук керик экен мингени, миң кулач терең дайраны көлбөтөтө кечип киргени. Дайра кээ жери тизесинен келип, кээ жери арка-жонун жаба берип, керик арыктагы суудай көрбөдү. Доош салып күркүрөп, Макел дөө тоо жылгандай далдайып Каканды капкасына келди.

— Коңурбайың кайда? — деп кулак тундура добуш салды.

Укkан-көргөн жандын баары качты. Коңурбай тактысында отурган сөөлөт күтүп. Оң жагында отуз дуу-дуу, сол жагында отуз дуу-дуу. Макелдин доошун укканда улуксунган Коңурбай учуп чыкты Ордосунан, дөөнүн тизе астына барып, таазим кылды бүгүлүп.

— Коңурбай болбой комур бол! — деп күркүрөдү Макел-Малгун. — Манас дегениң ким эле? Ошо мага бөбө бекен?! Бадыректи көргөзчү, бакадай былчыйта кармап салайын!

Баягы дуу-дуулары жанда жок баары житип жоголгон.

Кантсе да Коңурбай корккончунан сыр бербей сыпаа сүйлөдү:

— Дөө төрө: ал Манастын сөөмөтүн сизге сыпаттап айтып берейин. Сайсаң — найза тешпейт, чапсаң — кылыч кеспейт, атсаң — ок өтпөйт, астына жаксаң — чок өтпөйт. Нечен жүз миң өнөрман колу. Өлөрмандын жөнү ушундай. Бир-эки күн күтө турунуз, өзү да келип калар.

Антсе Макел-Малгун ачууланды:

— Манасыңды зор дейсиң, андан мени кор дейсиңби?! Чакырып алып бул айтканына жол болсун! Манасыңды тутайын да, анан экөөңү бирдей жутайын!

Деп, Макел-Малгун керигинен түшпөдү. Чатына кыстарып алган күрсүсү алты канат боз үйдөй. Коңурбай да эр экен, корккончунан гүк билгизбей көзүн жуумп бүгүлүп, астында турат аманат жандан түң-

нүлүп. Аны Макел кайдан байкасын, жөтөлүп койду эле жер солк этти. Жанчыгына кол салып, канжасын сууруп чыкты. Алтымыш чейрек тамекини бир эле салып, жолум үйдөй куу койду. Анан коркурата бир сорсо канжасынын оозунан тозок отундай кызыл чок кызарды. Соргон түтүнү али чыкпайт. Канжанын табына четте тургандардын чекелери ысып чыкты, алар чыдай албай ыраак качты. Бир маалда Макел коркурай кекирип, оозунан түтүн бургутту эле орчун шаар Туңшаны туман басып, ыш каптап, эл адашты. Макелдин сакал-мурутунан карга, таан, сагызган чуулдап учуп чыкса болобу көктү каптап бырыксып.

— Мактаган Манас кай жакта? Жолун көрсөт! — деди Макел-Малгун күркүрөп.

Кутула албай коркуп турган Коңурбай шашып кетип, күн батыш тарапка кол сунду.

Алмамбет менен Чубак эки түн, бир күн жол жүрүп, бир белге жетип токтогон. Аттарды кантарып коюп, мөлтүр булак башына үч таштан кемеге куруп, жан казанды асып, күлазыктан бышырып жеп, түн бир оокум болгондо аттарды отко коюп, өздөрү жылуу жатып уктап калышты. Алмамбет ойгонсо таң агарып калган экен. Ээр белдей кайкаңга чыгып, эки жакты карап турса, те алдагайдан бир тоо көрүнөт. «Мурда бозоргон куру талаа эле бу тоо кайдан пайда болуп калган? Тообу, же дөбөбү? — деп тигиле тиктесе, тоо жылып келаткандай. — Эмне, жылас болгон Туңшанын жылуучу тоосу бар беле? Көрүп эле жүргөн Каканга көчмөн тоо келип калганбы?» деп Алмамбет алтын саптуу алтымыш буроо турнабайды алып, төшжарыдай узарта созуп, көзгө салса, Макелдин түрү суук ыраңы алдына жакын келди. Желкесин кырккан нарга окшоп, керженделген керик минип келатат. Ачылган көрдөй оозу бар, ноот абыз көлдөй көзү бар, мандайынын бырышы басыра жайлоо төр сымал. Өң-далааты өрттөнгөн кара жер сымал. Каш-кирпиги карангы токой чер сымал..

Келе жаткан Макел дөө бир кезде таш сенирге такалды. Кептештен чыгып кете албай, күйүккөнбү, оозунан көк түтүн чыгып, сенирге күрсү салганы. Үйдөй таштар быркырап, заматта сенир тегиз жер болду. Аны көрүп алып, Алмамбет Чубакты көздөй чуркады, Жулкулады Чубакты, жоочалышта өскөн Эр Чубак ыргып турду ордунан. Кылычын сууруп кынынан, эки жакка жутунду. Анда Алмамбет тынчытып, ээрчитип барды кайкаңга. Экөөлөп дүрбү салышып, дагы карап жатышты. Мурда мындай балээ көрбөгөн Чубак Алмамбеттен сурайт:

— Бул эмне?

— Көрбөгөмүн, уккамын. Маңгубаны жердеген, Сазаңшаң деген эл бар. Эл эмей эле киши кийикпи, же жин-перибн, айтор, жандуунун баарын жалмаган балээ бар деп бала чакта көп укчумун. Ошолордун башаасы Макел-Малгун деген ушул. Дөө да эмес, пери эмес, алышып адам албаган, алышкан тирүү калбаган. Каканда кабар алган го, каарданып бизге жөнөп калган го. Береним Чубак, нетели? Ээрчиткен колу жок, өзү жалгыз. Дагы кандай тамашасы бар болду экен? Бу желмогузга беттешпей эле экөөбүз азыр Манаска жетип барбайлыбы, көргөнүбүздү кабар салбайлыбы? Анан Макелди Манас алабы, же бу куруган желмогуз Манасты байлап кетип калабы, ошондо көрбөйлүбү? — деп Алмамбет корккон киши болуп, Чубакка кеп таштады.

Анда Чубак бакырды:

— Катыгун, Алаке, не дейсиң? Мындай сөзүңдү айтпагын! Тобокел кылып уруш салалы. Антургурду соёрбуз, эгер ажал жетип өзүбүз союлсак, качпай өлгөн эрлер деп, жакшы аттысы сага калсын, жолдошу Чубак экен деп, сооп чети мага калсын!

Чубактын акылына Алмамбет аябай ыраазы болду.

— Көкжалым Чуб
ган донузду ашыгып б
Өңүп жатып, жакында
жөнөгүн. Ок тийип эс
көр!

Ортосу болот, ооз
жаал, огу ажал Алма
тени чоктоду. Чубак д
мөлдүрүгүн кыскарты
чап олонкун бош тарт
октоду, кылычын илин
гө туйлатып турду. Ал

Макел дөө келе ж

Өңүп жаткан Ал
деп мээлеп, кайра ай
калса айла не болот?
болду Анан кайра
чым баскан кашаты
болсо бир тишин ырг
ок жерге түшөр. Бу
болот? Кайра мээле
мурдун алды карооз
чейин көрүнөт — ти
бет: мыкты эле болс
каңылжаары кычыш
шөр топ этип. Анда а

Макел дөө жакы

— Атсаңчы! —

Алмамбет апка
бү?» — деп баятан
мандайындагы жал
нен каранын арала
мабаштын ооз оту
мылгыды, челекке
гошун ок ажал ба
түштү жалп этип.
саал көт тайып, үз
дагы кулабай. Окт
токтолбостон. Мак
гурап кериктен оо
ратып, жерден бац
өткөнү. Макел дө
жетип барып, айба
танды. Дагы ок а
сулатты.

— Кокус тура

Алакөөдөк эр
жанталашып жат
да учуп түшпөспү.

— Бул айбан,
алып Манаска ал
журтка мактасын.

— Аның да т

Керилип Чуб
үнгусу бата бойл
койсо болобу.

— Ой, Алаке
теп калды, — деп

— Көкжалым Чубак, жарайсың! Анда мындай кылалы. Арбандаган доңузду ашыгып барып көрбөгүн да, өзүң дагы азырынча көрүнбө. Өңүп жатып, жакындаганда мен Алмабаш менен атайын, сен окко удаа жөнөгүн. Ок тийип эси энгирегидей болсо, эсине келтирбей найза сая көр!

Ортосу болот, оозу албарс, түтүнү туман, түбү ыпсан, атканга дажаал, огу ажал Алмабашты Алмамбет шашпай туруп октоду, көк милтени чоктоду. Чубак дагы сырнайзасын белендеп, Көгала тулпарды көмөлдүрүгүн кыскартып, куюшканын узартып, басмайылын бек тартып, чап олоңкун бош тартып, өзү ээлигип токтоно албай, бу да мылтыгын октоду, кылычын илинип, атына минип, сырнайзаны карууга алып, өңүтгө туйлатып турду. Алмамбет Алмабашты мээлеп, өңүп жатты.

Макел дөө келе жатыры мас болгон пилдей зеңгиреп.

Өңүп жаткан Алмамбет дүңгөр ээр кашы деп, как жүрөктүн башы деп мээлеп, кайра айныды: Алмабаш огу өтө албай шалп этип түшүп калса айла не болот?.. А көрө одурайган айбанды ооздон нары атмай болду. Анан кайра дагы айныды: эдирейген доңуздун эрди аркытын чым баскан кашаты сымал калың экен, Алмабаштын огу мыкты эле болсо бир тишин ыргыта коюп, ошого алы жетер. Тиши оозунда калар, ок жерге түшөр. Бу доңуз ошондо баарын ойрондоор. Анда айла не болот? Кайра мээлеп Алмамбет тиги келаткан дөөнүн каңылжаармурдун алды кароолго. Желмогуздун каңылжаары каңкайып, төрүнө чейин көрүнөт — тим эле аюу жатчу үңкүрдөй. Кайра айныды Алмамбет: мыкты эле болсо Алмабаштын огу төшжары кирип токтолор. Анан каңылжаары кычышып, чүчкүрүп ийсе Макел дөө, ок кайра жерге түшөр топ этип. Анда айла не болот?

Макел дөө жакындап келе жатыры.

— Атсаңчы! — деп арттан Чубак чыдабайт.

Алмамбет апкаарыбайт, ашыкпайт. «Мен эмне, алдастай түштүмбү?» — деп баятан көздү мээлеш оюна келбегенине өкүнүп, Макелдин маңдайындагы жалгыз көзүн алды кароолго: чечекейдин чети, агы менен каранын аралашкан чеги деп өлчөп, машасын ирмей салды. Алмабаштын ооз оту жарк этти, үңүнөн мурун ок жетти. Жетип көзгө мылгыды, челекке толор чечекей былт этип жерге ыргыды. Көк коргошун ок ажал башын бузуп кете албады, чечекей менен кошо жерге түштү жалп этип. Керик минген Макел-Малгун эсинен танып, ээрден саал көт тайып, үзөнгүдөн бут тайып, энгиреп токтоп калды, анда дагы кулабай. Октон тез учкан Көгала менен кыраан Чубак жеткени, токтолбостон Макелдин оңурайган оозунан найза уруп өткөнү. Коңгурап кериктен ооп түштү Макел дөө. Артынан Сарала ат менен чуратып, жерден башын алганча Алмамбет айбалта менен чыкыйга чаап өткөнү. Макел дөө жер кучуп, төрт аяктап калды. Анда Чубак дагы жетип барып, айбалта менен каракушка чаап өттү. Ошондо дөө эстен танды. Дагы ок атып, балта ургулап, эки баатыр акыры дөөнү жерге сулатты.

— Кокус тура качпасын, баса кал! — деп бакырды Алмамбет.

Алакөөдөк эр Чубак аттан түшө чуркап, барып баса калды эле, жанталашып жаткан дөө оң колун серпип салса баатыр Чубак алдагайда учуп түшпөспү.

— Бул айбандын башын кесип кетели! — деди Чубак. — Байланып алып Манаска алпаралы. Бул ишибизди көрүп, арстан бизди кыйла журтка мактасын.

— Аның да туура. Анда каракуштун асты деп, шилиге чап айбалта.

Керилип Чубак чапканда эшик эндүү айбалта каракуштун түбүнө унгусу бата бойлоду. Кайра тартып алам деп, Чубак сууруй албай койсо болобу.

— Ой, Алаке, мунун али өлө элек. Ооз омурткасы балтамды тиштеп калды, — деп таң калат Чубак.

Акыры күн батарга эки таш калганда башын ажыратып бүтүштү.

— Эми байланып ал! — деди Алмамбет.

Эр Чубак дегденден көтөрүп барып, баштын ууртунан тешип, канжыгага байлады эле, буудан туума Көгала баш байланган жакка майышып кетти.

— Ой, оңбогур атымдын белин сындырат! — деп бакырды эр Чубак.

Алмамбет кериктин тилин билчү эле, бала күнүндө сонуркап кээде керик минип жүрчү эле. Жетелеп келип керикти чүлүктөп, баштын чачын аргамжы кылып өрүштү, ыңырчактын бир жагына илишти. Нары жагына тең кылып, экөөлөп көтөрүп келип таш илди.

Ошентип эки баатыр бир жагына баш арткан, бир жагына таш арткан керикти жетелеп, Тал-Чокуга жакындап баратканда Сыргак алыстан көрүп алып, Манаска сүйүнчүлөдү:

— Айкөл, эки баатыр келатат. Куру эмес, олжолуу. Керикпи, пилби, жетелеп алышыптыр. Артып алган жүгү эки алачык үйдөй бар!

Алмамбет, Чубак келгенде сырттан Сыргак башты көрүп алып:

— Айланайын Алаке, буердин мындай балээси бар деп айткан жок элең го? Бакалчы, кербен бу болсо, жортормону ким болот? Жөн кишиси бу болсо, дөө кишиси ким болот? Алтай менен Ала-Тоону сайрандап өскөн Айкөл ава, жашың кыркка келди, ушундай баш көрдүң беле? Алакемдин амалын көр, кумурскадай кыжылдаган журт деп келип, бизди уруштура турганы ушу беле? Бекер келген экемин, урук-сат бергин кетемин! — деп эр Сыргак биресе бөөссүнүп, биресе чыны менен таңыркап турду.

Баатырлар каткыра күлүп турушту. Алмамбет айтты:

— Кыраан Сыргак баатырым, айтканым чын, Бээжин деген бекем жер, кытай деген кылым эл. Бээжинде мындай миң болсо бири деп бил, бири болсо дал өзү деп бил. Бизге айдактап жиберип, эсибизди чыгарууга Конурбайдын кылган амалы деп бил!

Төрт баатыр кеңеш курду. Алмамбет айтты: душман туюп калгандай, Чет Бээжиндин кабарын билдик, эми Түнша тарапты чалалы! — деп.

Чубак айтты: мындан кийинки чалгынга Сыргак баруусун, өзү кырулай жол талашпай ушерде эле калуусун... Бул акылды Манас эп көрүп, ал айтты: алдагандай күн болот, алыстап оорукка кайтпай. Чубак экөө Алмамбет менен Сыргакты ушул Басаң тоонун оюнда Марап суунун боюнда күтө турарын...

Алмамбет менен Сыргак Карткүрөңдү коштоп, чалгынга кетти. Манас менен Чубак Басаң-Тоого кайтты.

Кытайлардын Конурбай, Кырмусшаанын Мурадыл, кызыл чоктуу Нескара, калмактардын Ушаңы, кара жалдуу Бороончу, Каткаландын Сайкалы, солондордон Алооке, доңуз мүнөз эр Жолой, Токшукердин Бозкертик, Солобонун Сооронду — булардын баарын чогултуп, Эсенкан кайра кеңеш курганы.

— Макел-Малгундун түрүн көрүп эле байкуш Бурут качкандыр, — десе бири, башкасы:

— Үч ай — токсон жол жүрүп, ушерге жеткен Бурут, көк тирей аскар-тоонун арасында өскөн Бурут бир жүдөө дөөдөн качып кайра кетмек беле...

Көрөгөч көрөрмандары, билегеч билермандары, сыйкырлуу аярлары, окумал билгилери да чогулган бул кеңешке. Ошолордун ичинен Ырың Көөдөн деген аяры бар экен, ичкени жалаң мүрөк, жашы үч жүз элүүгө жеткен, көрбөгөн-билбегени жок, азыр да төгөрөктүн төрт бурчунан кабарчы шайтандарынан кабар алып турган жөнү бар. Ошол Ыраң Көөдөн Даңзаны карап отуруп, мындай дейт:

— Макелиңер ма
эле жайлап койду. Б
бойт. Аскериңерден
мың кыз алгыла, ар
байлагыла да, тарту
азыр эч жан ала алб
калганда ажалы сен

Анда кытайдын
чалган Чабала деген

— Калааңарга
ңардан кабар жок,
бир Манас болсо, у
райын, ооругу кайда
өзү жоокер болгону
малын жайып коюп
канды жакшы көрч
кылып кыйнап, жи
канча, кош канча, с
айтайын. Антпесе бе

Улуктар Чабал
бала ошентип чалгы

Үч жүз элүү
ыза болуп калыпть
билдиришти. Чоң
Сыргак аленгир жа
желдирип, бир оок
сундуруп, айкыры
гө мылгыта сайып,
башын чаап ташт
коштоп келаткан
санабаган дуу-ду
калышты. Артына
кан Алмамбет най
раланы чуратып,
ну, удаа келаткан
нун башын чаап
бөрүсү эки баты
жети атты айдап а

Минтип көңү
тирүү жан калба
башын бурду.

Эки баатыр
дын иши чатак и
жерде аттын изи
жойлош, бөрү ж
айдындап, кайгу
көз талдыра тер
үн алыска угула
шөшөт. Аттары
дүзү кулак жап

Бир жолку а

— Алаке, б
баян-тегинин ба
белде», — деп
же баатыр теги
мөнүдүр. А бия

— Макелиңер майып болду. Аны Манас өзү эмес, береги чоролору эле жайлап койду. Бу Манас тегин жан эмес, Бээжинди ал соо койбойт. Аскериңерден айла жок. Улуктар, тилимди алсаңар, алтымыш миң кыз алгыла, ар кимин ак боз жоргого мингизип, жанына жамбы байлагыла да, тартуулап Манастын алдына айдап баргыла. Манасты азыр эч жан ала албайт. Бирок, акыры чымын жаны Көккө учар болуп калганда ажалы сенден, Коң төрө!

Анда кытайдын кыйырын алаканындагыдай көргөн, дүйнөнү түгөл чалган Чабала деген кыйды чалгынчы бар экен, ал айтат:

— Калааңарга камалып, өзүңөрдөн өзүңөр жүдөдүңөр. Же кулжанардан кабар жок, же Макелиңерден майнап чыкпады. Корккончуңар бир Манас болсо, уруксат берип мага, узатып койгула. Аттанайын, барайын, ооругу кайда болду экен, жакшылап чалгын чалайын. Буруттар өзү жоокер болгону менен уйкудан көзү ачылбаган жалкоо болчу эле, малын жайып коюп боорго, өзү кымызга тоюп алып, жамбаштап жатканды жакшы көрчү эле. Андайдан бир-экини кармап алайын. Сурак кылып кыйнап, жибек менен мууздап, болгон сырын тартайын: колу канча, кош канча, ою кандай, көйү эмне? Баарын билип, силерге келип айтайын. Антпесе беттешпей туруп душманга тартуу берген оңобу!

Улуктар Чабаланын сөзүн эп көрдү. Алты дуудун кошчу алып, Чабала ошентип чалгынга жөнөп калганы.

Үч жүз элүү жашка барган аяр Көөдөң шагы сынып, Чабалага ыза болуп калыптыр. Алдыртан кабарчысын жумшап, Алмамбетке шек билдириптир. Чоң Камыштын четинде көмүскөдө Алмамбет менен эр Сыргак алеңгир жаа, сыр жебесин белендеп, өңүп жатышты. Деңкеңдете желдирип, бир оокумда Чабала келди кашына. Алмамбет сырнайзасын сундуруп, айкырып чыгып камыштан элейе калган Чабаланы как сүбөгө мылгыта сайып, ат үстүнөн торойто кулатты. Даяр турган эр Сыргак башын чаап таштады. Чандыбоз атын бир талга чала коюп, береки коштоп келаткан дуу-дууларга ат койду. Ушерде бурут бар деп кам санабаган дуу-дуулар эси чыгып, ат сорусун салышып, кайра качып калышты. Артынан жетип эр Сыргак жонго сайып өткөнү. Удаа бараткан Алмамбет найза жеген дуу-дуунун башын чаап кеткени. Анан Сараланы чуратып, кайра кууп жеткени, дагы бирөөн жонго сайып өткөнү, удаа келаткан эр Сыргак найза жеп, аттан оой бараткан дуу-дуунун башын чаап кеткени. Ана-мына дегиче, ачып көздү жумгуча жоо бөрүсү эки баатыр Чабаланы баш кылып, жетөөнү жайлап салды да, жети атты айдап алышты.

Минтип көңүл тынган соң, кайра качып Бээжинге кабар берчү тирүү жан калбай калган соң Алмамбет эми көздөгөн багытына аттын башын бурду.

Эки баатыр чаалыкпай дагы эки түн, бир күн жол жүрдү. Чалгындын иши чатак иш, жан көзүнө түшпөскө көбүнесе түндөп жүрүп, талаа жерде аттын изи да айгак, көбүнесе терең коо менен жүрүп, түлкү жойлош, бөрү жортушка салып, элдүү жерде агылгалап, ээн жерде айдындап, кайгуулдан баштап, жортуулга өтүүнүн амалында күндүзү көз талдыра теребелди тегиз чалып, кобур-кобур сүйлөшөт, түнкүсүн үн алыска угулат деп унчугушпайт, кулак түрүп, шыбыртка кулак төшөшөт. Аттары да кандим болуп калган, жөнү жок бышкырбай, күндүзү кулак жапырып, түнкүсүн кулак тикчийтип, эликтей элпек басат.

Бир жолку ат чалдырышта Сыргак Алмамбеттен сыр сурады:

— Алаке, баягы Манаска алгач келгенде, Айкөл өзүнө: «Байбиче, баян-тегиниң барбы?» деп сураганда, сен: «Байбиче элде, баян-тегин белде», — деп тымпыйып койдуң эле. Белде барган сулуу баян болор, же баатыр тегин болор буюрса, Арууке жеңенин жүрөк астындагы күмөнүдүр. А быякта элде калган байбичең кантти?

— Алда түйгун Сыргак тентегим! Чор жүрөк менен кошо каткан эски жараттын көзүн тырмап турганың ай! Болуптур, сурадың, айтып берейин. Аны мен чалгынга чыккандан бери ойлоп келатам. Бирок кантип жолугуштун айласын таппайм. Эсенкан кызы Бурулча «Алмакем качан келет?» деп, бозоруп күтүп жүргөндүр. Же биротоло түңүлүп, күдөрүн үзүп койгондур. Кайрылып сөзсүз келем деп, айткан убадам жүрөт көңүлдө. Бурулча эске түшкөндө тутумга келбейт чымын жан. Көп калмак менен чабышып, мен Каңгайдан кетерде кыйгач көз, сулуу Бурулчам чылбырыма чырмалып, «эсен болуп, тез кел», деп ыйлап калган. Кийин кең Таласта жүргөндө кербендерден кеп уктум, «Бурулчаны бергин» деп, Конурбай Эсенканга жуучу түштү деп уктум. Аны укканда Бурулча кытайча этеги тилик көйнөгүн кийбей чечип ыргытып, кыргызча кош этек көйнөк кийип, Конурбайга тастая басып чыгып: «Шерттешкен шеригим бар, сага окшогон калчага тийбейм!» деп жолуна салыптыр деп уктум.

Кара кыйык ак калпак Сыргак өзүнчө каарданды:

— Алаке, тонунду бер, киейин, Телкызылды минейин, Каканчынын шаарына азыр барып кирейин. Капилеттен кол салып, тополоң тоз салайын, кымгууттун ичинде Бурулчаны ала качып жүрө берейин! Кандай дейсиң? Кокус кармалып калгыдай болсом, сенин жүрөк дартына менин жаным күйүттөн айыктырар даба болсун!

Муну укканда Алмамбет безге сайган немедей секирип кетти:

— Карантүн Сыргак, түмөндөгөн Каңгайың түз эле кирер жер эмес. Анан калса экөөбүз кыз издеген бойдокпузбу, же Чоң Казаттын жолун чалган жоокербизби? Тетиги дүмүрөйгөн чоң зоңкок түндөн ашар бел эмес. Жол-жолго, бел-белге койгон сыйкыр кароолу бар дебедим беле. Тетиги кайкаң белде он күндүк жерден жыт алган, алты күндүк жерден шыбырт алган кызыл калтар түлкү бар. Түлкүсүн кармасак, калмактын жолун ачканыбыз деп бил, түлкү бизден кутулуп кетсе, дүмөктү башка салганыбыз деп бил, жубарымбек! — деп анан Алмамбет Сыргакка калган жолдун уусун көрсөттү: — Тетиги дүмүрөйүп келип түнөгөн урчуктун этегиндеги жайык талаа Кан Жайлактын Кайырмасы дейт. Алиги сыйкырдуу кароолчу түлкү жойлоп жүрөр жер ошол. Аерде суур казган ийин жок, түлкү кууп калгыдай болсоң өлөмүн деп чочулабай чап. Эликтей түйлаган Телкызылыңан түлкү эмес, канаттуу качып кутулбас. Түлкү ордунда болсо кубалап чыгып жайыкка, «Сыргак, кел!» — деп бакырам. Эки жактан камалап, кармап алсак түлкүнү, Каңгайдын кармашар жолун ачканыбыз ошол болот. Эмесе сен ушул жерден жылбагын. Мен тиги тумшуктун түбүнөн бир көрүнөм, ошондо атыңды темин.

Муну айтып Алмамбет коо түбүндөгү булакка жай ташын салды. Коктуга мөндүр жаадырып, аягын карга айлантып, сасык туман кыш кылып, кароолчу түлкүнү ийинине камады. Анан өзү бастырып чыгып кайкыга, түлкү кароолуна чыгар жерди көзөмөлдөп, борчук таштын далдасынан өңүп, бараңын камдап турду. Сыйкыр кароолчу түлкү бейманаал жааган күндөн шек алып, кароолдогу кырк кечилге жетип көрүнүп белги берүүгө ыкыс берип ийининде шашып турду, булут тарап, күндүн көзү көрүнөр замат атып чыкты. Зымырылып жүгүрүп, кароолуна келди да, тумшугун сунду асманга. Бейтааныш кишинин жытын искеп, тегерегин сыдыра карады. Нары-бери шимшилей жойлоп, үч тулпардын изин көрдү, изди тырмалап жыттап, кооптуу ис искеди. Искеди да борчуктуу боорду аралай дыр койду. Бараңын окчо кармап, өңүп турган Алмамбет түлкүнү капталдата бир койду. Колтукту мээлесе аерге тийбей, бир бутун сый атыптыр. Жанталашкан түлкү үч бутгап качып жөнөдү.

—Эр Сыргак! Кел, Сыргак! — деп Алмамбет айкырык салып, түлкүнүн артынан чапты. Кабакта турган Сыргак Карткүрөңдү бош таштай салып, эликтей түйүлгөн Телкызыл менен атып чыкты. Бетегелүү тайпаңга жете барып, түлкүгө жанашты. Түлкү караган-бадалга

кире качкыча эңиле берип, булдурсун менен бир чапты. Калың черге качып кирип жоголор жерде түлкү бели үзүлүп, жатып калды жерге чабылып.

— Айланайын Сыргак, сендей кыраан балага кара башым садага! — деп сүйүнгөн Алмамбет жетип келди.

Ишинин ийги башталганына көөнү тойгон Алмамбет эми шашпады. Кындан наркескенин алып чыгып, түлкүнү алты бөлүп, караган черге ыргытты. Анан мыйыгынан жымыйып Сыргакты бир карап коюп, Алмамбет Сараланын канжыгасын чечип, дамаамат таштабай ала жүргөн бөктөрүнчөк боз чабаданды алды, чечип ийсе ичинде жакасына жакыт таш, көкүрөгүнө көөхар ташты көз-көз кылып чөгөргөн жаркылдаган алтын тон. Алтын жыга да бар экен, төбөсүндө муштумдай болгон кызыл чок таш. Бул кийимин кийип алганда Алмамбет кытайдын жарым кан калчасы болду да калды.

— Бул эмне? — деди Сыргак таңыркап.

— Көрүп турбайсыңбы, тон!.. — деп койду Алмамбет дагы эле сырын ачпастан.

Чабаданда дагы бир шумбул тон бар экен, аны алып чыгып, эр Сыргакка кийгизди. Жакшынакай кылып жасап койгондо жыйырмадагы эр Сыргак жанжигити болду да калды.

Ошондо Алмамбет сыр айтат:

— Туңша менин туулуп-өскөн жерим, азыр барып көрөбүз. Ага жеткиче жолдон өздү-жатты жазбай тааныган, жат экенин билсе тымызын учкул кабар берген куу кулжага туш болобуз. Ошондо бул кийимдин кереги зор тийет. Бу мен кийген тон атамдын жарым кандык чин тону. Кан Коңурбай эрегишип, калмак-кытай жектеп, жабыла мени кууганда атамдын жарым кандык чин тонун ала кеткем, алдагы шумбул тонду кийе кеткем. Ошондо ушу күнгө кайра барып калсам кереги тийер деп, канжыгаман түшүрбөй ала жүрөм. Чин тончонду көргөндө калмак-кытай жүгүнөт. Сенин кийгенің атамды коштой жүргөндө мен кийе жүргөн жанжигит тону. Суңшадан ким жолугарын ким билет, сен таптакыр сүйлөбө, дудук болуп жүрө бер!

Ошентип экөө жолун улады. Улам жерине жакындаган сайын Алмамбет эргип тизгин кагат, Сарала көкүлүн көккө ыргытып, туягын жерге мылгытып, ансайын жулкунат. Кызыл чоктуу калмак болгон Алмамбет алдыда зыңгырап, дудук кытай болгон Сыргак мултуюп артында. Алмамбет кумай белге чыкканда кытайча кобурап сүйлөй бастырды:

— Ажыдаар борчукта жатат, түлкүм колтукта жатат. Куу кулжа, сен ордуңда тура бер, мен барда сага өлүм жок! Азырынча кароолунду жакшылап кара. Күзгү куутка жакын алты аркар тандап алармын, Куу кулжа, өзүңдү кочкор салармын!..

Коңурбайча конгурап сүйлөгөн Алмамбеттин сөзүн укканда Куу кулжа чуркап түшүп шагылдан, тууралануп тура калды. Белен баткан эр Сыргак Чорткелте менен такыр колтукка тарс атты, кулжаны турган жерине сулатты.

Ошентип, чалгыны жолдуу башталган эки баатыр ал күнү ошерге түнөмөй болуп, кулжаны союп, этине тоюп жатып калышты.

— Эми көңүл тынды, — деди Алмамбет Сыргакка. — Коңурбайдын кароолдо туруп, кабар берчү сыйкырлуу тосмосу ачылды.

Эки баатыр көк тумшукту айланып, кең өрөөнгө кирди. Жайлоо десе жайлоодой, кеңирсиген жер экен. Туурасы эле алты таш келгидей. Токою бар, көлү бар, аркырап аккан суусу бар, өрүшү малга жай, жакасы данга бай, төрткүл болгон көп калаа, бул жер Алмамбеттин туулуп өскөн жери экен.

— Ээ, Сыргагым, — деди Алмамбет көк түтүн чыгып оозунан, — береги көк талаа, борчук бийик тоо Атакемдин «Кан Жайлак» деген

жери эле. Бул жерди бизче Чын Шу дейт, силер Туңша дейсиңер. Жеке гана мен эмес, жети атам өткөн курган жер.

Ободогон бир чынар бар экен, арбайып куурап калыптыр. Алмамбет чынарды атчан туруп кучактап, эсине түшүп эскиси, чекесин таяп чынарга, көзүнө жаш имерди.

— Ушул чынардын түбү менин киндик каным тамган жер. Төбөсүндө жалбырап, байкуш чынардын азганакай жалбырагы калыптыр. Азиз апам айтчу эле: тукумум уланар болсо, кайрылып сен келгенде чынарындын түбүнөн чырпык чыгат, деп. Карачы, түбүнөн чыккан чырпыгы чынарга чалыш өсүптүр. Аруукенин боюндагы күмөнүнө ушул белги болуп тургандыр.

Арманын айтып Алмамбет сүйлөп бара жатыры. Сөзүн бөлбөй кунт коюп, Сыргак угуп бара жатыры.

— Тиги мелтиреген Ак Талаа Алмамбеттин талаасы деп, Каңгайга аты чыккан. Кунанында тулпар үйрөтүп, кутуруп минген жер ошол. Кан Коңурбай калча менен койгулашып жүргөн жер ошол. Мендеги кегин элден алып, Коңурбай жеримди бозортуп ээн кылыптыр, тетиги уранды атамдын ордо калаасы болчу. Эми тигинтип төр үйүм төрткүл болуптур, Сыргак! Сыр үйүм жылас болуп, жер соруп, журтум жер ооп, дайынсыз кетиптир, туугандарым кор болуп, душмандарым зор болуп, күйүткө жүрөк чор болгон жер ушул, Сыргак. Кечээ силерди көздөй качканда, калмак сансыз, мен жалгыз эндекей келе жатканда кечилдердин калчасы зор Коңурбай ушерден кууп жетти эле, найза менен бир муштап, далыга коюп кетти эле. Ошондо тиштеп жүргөн сыр канжа оозуман ыргып түштү эле. Кайра келгенде таап алармын деп, кылчайбастан кете бергемин.

Эр Сыргак ыргып түштү атынан. Алмамбет шибер чайкап калган бир жерди найзасы менен нукуп көрсөттү. Сыргак ошерди айбалталап чукуп караса жаткан экен сыр канжа. Сыргак алып чыгып, топурагын үйлөп караса, алтын найлуу оозу гана кичине кирдеп калыптыр, болбосо көз кылып көөхар чөгөргөн шакектери кадимкисиндей жаркылдап, сыры дагы өчпөптүр, сыны дагы кетпептир.

«Күндүз эмес, түн ичинде да жаңылбай жоготкон жогун тапкыдай. Бул эмне, көсөмдүгүбү, же жер сагыныч, эл сагыныч күчүбү? Дайыны жок эле «калмак» дей бериш дарданкөйлүк кеп экен. Обуракту Манаска жанында жүрсө Алакең ак өтпөгөн тон тура! Баркын билген жалгыз Манас болуп, калганыбызга Алакең али да болсо кор тура», — деп Сыргак ойго батты.

— Баатыр, ушу канжаны олжоңо өзүң алчы! — деди Алмамбет.

Ийри-буйру суу кечип, ит жойлобос жол басып, эки баатыр бара берди Кыр-Кайың деген төрдү өрдөп. Кенирсиген кең төрдүн кайсы жагын караба, боор бербей жайылган кумурскадай көп жылкы. Адыр жакты караса — жалаң тору менен жээрде, тура жагын караса — жалаң кара, күрөң, карагер, төмөн жагын караса — текши баары кулача, — жайнап жаткан сан жылкы, санаты канча билинбейт. Жакшылап байкап көз салса, бири калбай баарысы кыргыздын кара байыр малы экен, баягы Каркырадан куулган эл малы ушерде жатат жайылып. Жооого кеткен жылкыны баатырлар жазбай тааныды. Жылкыга өтүш оңой көрүнбөйт, ортону бөлүп, Каспандын Кара Суусу аркыраң агып жатыры. Найза салса бойлобойт, аргымак салса ойнобойт, Шыта Кечүү, Таш Кечүү — ушул эки кечүүнү Алмамбет жакшы билет экен, ошого салды.

— Сараланын изи менен жүр, эгерим бурсаң өйүзгө чыкпай каласың! — деп Сыргакка катуу эскертти.

Карткүрөңдү коштогон Сыргак айтканын кылды. Экөө кечүүгө кирген эле жерде суу тердикке чыкты. Сарала тулпар өрдөктөн бетер жалдай сүзүп, артынан Телкызыл калбай сүзүп, ага коштоодогу Карткүрөң

жандай сүзүп, эки ба
беттеги боз чапка чыг
дынан чыкты. Бейтаа
калышты.

— Пил мүчөлүү
лот така жукарып, а
гуп, узак жол жүрүп
райсың, ниетиң жам
кайда бара жатасын
турду

Шек билинсе жаа

Алмамбет Карач
ордунан жылбай кыт

— Шаарым мен
бадышасы боломун.
кыргыз улуу журт,
чыгыптыр, анын аты
кен Алмамбет ошо
Бакбурчун, Какан, Б
оолугуп, чаап алам
Макел-Малгун кезен
рөгү түшүп өлүптүр,
сүйүнчү эмей эмне?!

Карагул Сырга

— Сүйүнчүң го
макпы деп ишенип,
соо көз минтип кар
лишкен тобурчак эк
айтпаган, жооо к
жаман, сыны жакс

— Мунун жайы
сы, ырас, зор улу
гы укпайт, сүйлөө
сын канга чыктаган
болуп, илгерилесе
рат

— Бу коштогон
экен жаныбар, бир

Анда Алмамбет

— Ээ, абыгый!
берди. Баса, ырас
бараттым эле, кор
рынча , жылкына
мин, — деп айтып,

Азынап коюп
сы кетти. Чылбы
акырын жакындай
тартып, кетенчикт
Алты карыш курж
алып учса Тора

— Жакындаб
дагы угуп жатар
эле тозоң буруксу

— Эми иш ча
келер. Жылкыны
ңыртып, ат койд
лап, сан жылкын
тын үнүнө, жоо
азынап көк чапчы

жандай сүзүп, экн баатыр, үч тулпар кечүүдөн кечип алышты. Наркы беттеги боз чапка чыгып барганда жылкычы Башы Карагул экөөнүн алдынан чыкты. Бейтааныш немелер баш ийкеп учурашып, жай сурашып калышты.

— Пил мүчөлүү бадырек, журт башкарган зардал көрүнөсүң. Болот така жукарып, атың айчылык жол басыптыр, жасатың күнгө тотугуп, узак жол жүрүпсүң. Чамынып баса калчу жолборстой марап карайсың, ниетиң жаман көрүнөт. Ким болосуң, кайдан келе жатасың, кайда бара жатасың? — деп Карагул кекселикке салып, кетенчиктей турду.

Шек билинсе жаадай учкан Торайгырды теминчүдөй.

Алмамбет Карагулдун сынчылыгына тан берип, шек билдирбеске ордунан жылбай кытайча сүйлөдү:

— Шаарым менин Чынмачын, калкым каңгурлар. Бакбурчундун бадышасы боломун. Абыгыйым, шексинбе, андан көрө сүйүнчү! Уругу кыргыз улуу журт, аны укkан чыгарсың. Ошол журттан Манас деген чыгыптыр, анын аты биздин Даңазада жазылуу экен. Баягы бизден кеткен Алмамбет ошо Манаска барып туруп калган экен, андан Манас Бакбурчун, Какан, Бээжиндин кабарын абдан угуптур. Ошентип Манас оолугуп, чаап алам ошол элинди деп, калың кошуун алып, келген экен, Макел-Малгун кезенип каршы барган экен, аны көргөндө көбүнүн жүрөгү түшүп өлүптүр, калгандары качыптыр. Ыя, абыгый, бул айтканым сүйүнчү эмей эмне?!

Карагул Сыргакты карап туруп, тизгин тарта дагы кетенчиктеди:

— Сүйүнчүң го сүйүнтөт. Бирок, мобу жолдошуңду оболу калмакпы деп ишенип, алданып кала жаздадым. Мунун көзү соо эмес, соо көз минтип карабайт. Мунун мага жоо көрүнүп турат. Аты да келишкен тобурчак экен, өзү да султан сыны бар экен. Кишиге сырын айтпаган, жоого колтук ачпаган, койгут чымыр эр экен. Бирок көзү жаман, сыны жакса да, көзү мага жакпай турат.

— Мунун жайын менден ук! — деди Алмамбет эбин таап. — Атасы, ырас, зор улук. Бирок жолу каткан калдайдын кыйкырсаң кулагы укпайт, сүйлөөгө тили келбейт. Болбосо өзү жоо жолукса найзасын канга чыктаган эр! — деп Алмамбет Сыргак жакка бастырымыш болуп, илгерилесе Карагул да нарылап, качар жагын ыңгайлап барат.

— Бу коштогон жылкың башкача? — деп сурап коёт. — Буудан экен жаныбар, бирок биздин элдин малы эмес.

Анда Алмамбет таза бөөс:

— Ээ, абыгый! Чабуулда буруттан түшкөн ат экен, бизге соогага берди. Баса, ырас эскертпединби. Каспан, Туңшага жоокеңешке бараттым эле, коржоңдогон айбанды коштоп жүрүп жададым. Азырынча жылкыңа кошо турайын, кайра келе жатканда ала кетермин, — деп айтып, Алмамбет Карткүрөңдүн жүгөнүн шыпырып алды.

Азынап коюп Карткүрөң аралап кетти жылкыны. Карагулдун айласы кетти. Чылбырга колум жетсе деп, Алмамбет сөзгө алаксытып, акырын жакындай жылып барат, бирок алансайын Карагул тизгин тартып, кетенчиктейт. Коё берсе Торайгыр учканы турат закымдап. Алты карыш куржунга толтура кум салып, артып алыптыр. Антпесе, алып учса Торайгыр Карагулду бир жерден серпип кеткидей.

— Жакындабаныз! Сиздин да көзүңүз жаман. Жай-жуюнарды дагы угуп жатарбыз! — деди да Карагул Торайгырга темнип койду эле тозоң буруксутуп, көздөн кайым болду.

— Эми иш чатагына айланды. Карагул жетсе калмагы жабылып келер. Жылкыны тийели, Сыргак! — деп Алмамбет Алмабашты чаңыртып, ат койду. Сыргак артынан добулбасты карсылдата койгулап, сан жылкынын бир четин үркүтүп түрүп кирди. Жоо мылтыктын үнүнө, жоо добулбас доошууна каныкболгон жаныбар Карткүрөң азынап көк чапчып алып, куйрук жайып, кайра кетер жолго салды,

артынан жапырылып көп жылкы сүрдүктү. Көз кайкыган кең апай бооpду каптап жаткан сан жылкы ордунан көчкү жылгандай козголду.

Алты жүз экен жылкычы, ар-ар жерде топ болуп. Жылкы тийди болгондо дүрбөлөң түшүп, кымгуут. Жайынча жаткан немелер жолум үйдөн дүрбөдү. Чылбырына мүргүп жыгылып, кочкорлордой сүзүшүп калып жатышат. Чапанынын ордуна чалбарын колго алган бар, жеңин таппай багалегине кол салып, жылаңач чуркагандар бар. Баш далбайым экен деп байпагын кийип жүргөн бар.

Алмабаш тынбай чаңырып, добулбас тынбай карсылдап, тоо ичи жаңырыктап коштоп, жер көчкөндөй жапырылган жылкынын дүбүртүнөн дүйнөнүн койну дүңгүрөп кулак тунду. Айгай чыкса ээликкен асыл тукум Карткүрөң азар түмөн жылкынын алдына түштү азынап, баскан изинен, барар багытынан ай караңгы түн болсо да жазбаган, айбандан чыккан акылдуу жаныбар Күрпүлдөктүн өзү көргөн Шыта-кечүүсүнө жиреп кирип, жалдап өйүзгө чыкты. Аны ээрчиген сан жылкы жабыла жалдап киргенде дарыя тосмого токтогондой айлампа көл болуп калды. Тай-кунанын калкалап, калың жылкы айлампаны бир айланып сүзүп, кулак менен тумшугу гана көрүнүп, суу үстү аккаржактап, бышкырыктан чыккан буу туман болуп үстүдө уюлгуп, бүйүздө кечүүгө кезек жетип кире албай кишенеген көп жылкы ары чаап, бери чаап, үркүп калган жаныбарлар агымга тик жээктен бой уруп, жал кечүүгө кошула албай агып кетип жатканы канча.

Шыпкалап кечип сан жылкы суудан кечип өткүчө куугундап жылкычылар келип калышты. Айгай салып, жылкыны сууга шыкай камап жүргөн эки баатыр эми жылкычыларга каршы чыкты. Ойт берип улам бир жылгага кире чаап, капталынан чыга чаап, сундуруп найза салып Алмамбет барат. Артынан жетип эр Сыргак найза жеп аттан оогондун кылычтап башын чаап кетип барат. Кайра чыгып капилет капталдан, Сыргак найза сайып өткөндү Алмамбет жетип келип, башын чаап кетет. Ошентип эки баатыр андаалаган алты жүз жылкычыга ителгидей тийип, улам удургутуп четинен жыра чаап, көмөлөтө коюп жүрүп, каптап келгендердин качканы качып кутулду, качпай айбат кылганы жер кучуп жатып калды.

Ал ортодо Карагул Торайгырын учуруп, согушпастан-этпестен Шыта кечүүдөн өтүп, жылкыны кайрымак болуп калыптыр. Калың тобу бир үркүп алган көп жылкы тосконуна болобу. Качча алдынан чыкса да кандим болгон Карткүрөң тосмосунан мойноп чыгып, жетип укурук саларда башын чулгуп ойноп чыгып, артынан күтүрөп чапкан сан жылкыны ээрчитип алып, арыштап кулач кергени. Бетегелүү бет жыртылып тоз болуп, калың чаң асман-жердин ортосун каптап боз болуп, жылкы тепсеп кетер деп, Карагул кайра өзү сүрдүккөн жылкынын агымынан араң чыкты жан сактап. Буруттан олжо келсе да, кайтарып багып жүргөнгө жакын көрүнүп калган жылкыдан ушинтип эле кол жууп отуруп каламбы деп, ичи ачыды. Арт жагынан кайра кууп, «Силерге да, мага да жок!» деп, улам бир бээни жандай чаап, канжарлап ичин жарып баштады. «Жанагы жолуккан неме Алмамбетгин өзү турбайбы! Мени кудай урганда ошондо эле Коң төрөгө чапсамчы!» деп жаны кейип чаңырып, «Бурутка кеткиче силерди өзүм жайлап салайын!» деп карасанатай күчүн бейкүнөө жылкыдан чыгарып барат. Аны көрүп, артынан кечүүдөн жаңы эле өткөн Алмамбет менен эр Сыргак айгай салып чабышты. Карагул ойт берип, жылкыдан четтей качты. «Эми колго түштүңбү?!» деп Алмамбет аны сууга камай качырды. Шыта-Кечүүнү Сыргак бекитип кармап турганга Карагул кечүү таппай жандалбастап, кечүүсү жок жерге салар болгондо артынан Алмамбет жетип, далыдан сайды найзасын. Желкайыптын кулуну Торайгыр ала качып ээсин, кечүүсүз жерден сууга боюн урганы. Киргенжерден экөө тең көрүнбөй кетти. Бир оокумда Торайгыр бышкырынып бырылдап, тумшугу менен кулагы чыкты толкундан. Карагулдан дайын жок. Өйүзгө кемер жээктен так секирип Торайгыр жайдак чыкты. Карагул кайсы толкундун колтугуна кеткени көрүнбөдү.

— Ай, жаныбар
кечип өтүүгө Торайг
тады. Бирок, ат де
күрөң күүсүнөн ж
артынан эр Сыргак
коюп, ашыгып сүрө
Айбандан шанд
гын түркүк чатыры
күруп коюп, чарад
куштаган бул эмне
тып, улутуна бышк
шы кан болгон, ка
— А, арам өлг
катуу кайгырып ту

Бышкан өпкө
лы сарапты тешип
мустайган, сеңир
раны найдай кыл
тай түнөрүп, «Өл
талпагын ташка к
кынын артынан к
нын ортосунда тог
чыктай чоң коңгур
рат. Коңгуроо үн
деттерине буйру
башталганын тую
тагылар кулак тү
колу дайым даяр
чыккан чечендери
бына катуу жард
Нескара, калмак
дын Оронгу, дон
бонун Соорондук
жабыла келди.
жылкыны минти
келгең соң, жыл
капилет келтирип
рын алганыбызг
нып, жоого кар
даган калың кол

Басаң тоону
чалгынга кеткенд
калса кандай бо
лап, кийик атыш
ардемени акылда
жүрүп, чарчап да
Акырында М
— Булар мы
чо мунарыкка ба
караанын көрсөн
тыптыр, чыканак
Деп, Манас
кырчынын кыйр
чырым эткениби,
Тийип чыкк
бет менен эр Сы

— Ай, жаныбар Торайгыр! — деп Алмамбет кыйылып, кайра суу кечип өтүүгө Торайгырды коштоп алып кетүүгө ыкыс берип кылчактады. Бирок, ат деп жолдон калган болбостур, кайыл, тыякта Карткүрөң күүсүнөн жазбай ээрчитип кетип бараткан сан жылкынын артынан эр Сыргак экөө мылтык атып тарс коюп, добул кагып карс коюп, ашыгып сүрө түштү.

Айбандан шандуу Торайгыр кандуу көбүк чачып, Коңурбайдын алтын түркүк чатырынын тушуна барып, ооздугун кемирип, улам кошкуруп коюп, чарадай болгон туягы менен жер чапчып туруп алды. Кер муштаган бул эмне деп, Коңурбай сыртка чыкса, алагар көзүн акшыйтып, улутуна бышкырып, Торайгыр туруптур чатыр тушунда. Үстү-башы кан болгон, кан аралаш жуурулуп, кара-кызыл чаң болгон.

— А, арам өлгөн Карагул, алдырган экен жылкыны! — Коңурбай катуу кайгырып турду ошондо.

* * *

Бышкан өпкө өңдөнгөн, ачуусу катуу келгенде бириндеген сакалы сарапты тешип өтчү теменедей сербейген, көзү өгөгөн темирдей мустайган, сеңир мурун, жылдызы жок сустайган Коңурбай Алгараны найдай кылып жаратып, намысы сынган эр кайра жаачу булуттай түнөрүп, «Өлсөм буруттун колунан өлөйүн, өлбөсөм Манастын талпагын ташка керейин!» — деп катуу намыстанып, кол баштап, жылкынын артынан кууп, кыргыздарга каршы аттанмай болду. Калаасынын ортосунда тогуз миң кулач мунара бар, мунаранын башында алачыктай чоң коңуроо. Эл чогултуп жыйын курарда коңуроону кактырат. Коңуроо үнү тогуз күндүк жолго кенебей угулат. Коңурбай желдеттерине буйруп, коңуроону кактырды. Шаар эли бир шумдук башталганын туюп, базарын таштап, үй-үйлөрүнө кире качты. Алыстагылар кулак түрүп, жолго камынды. Кандим болгон, жоо чабышка колу дайым даяр баатырлары, акыл айтчу көсөмдөрү, таңдайынан чаң чыккан чечендери көп күттүрбөй чогулду. Чар тарабына, төрт тарабына катуу жардык кетти. Кырмус шаанын Мурадылы, кызыл чоктуу Нескара, калмактардын Ушаңы, кара жалдуу Бороончу, каңгайлардын Ороңгу, доңуз мүнөз зор Жолой, Токшикердин Бозкертик, Солобонун Соорондук болуп, ар кимиси нечен түмөн кол алып, туш-туштан жабыла келди. Коңурбай кеңеш курду: Макелди тигинтип куруткан, жылкыны минтип тийген буруттар алыс казат жол жүрүп, атайы келген соң, жылкысын кайрып алганына ыраазы болуп кете бербейт, капилет келтирип кол салдырбай оозунуп өзүбүз барганыбыз оң, кабарын алганыбызга үч ай болду, даярдыгыбыз бүттү, Лаанатка сыйынып, жоого каршы аттаналы, деген бүтүм кылды. Ошентип кылкылдаган калың кол аламандап жөнөп калды.

Басаң тоонун оюнда, Марал Суунун боюнда Манас менен Чубак чалгынга кеткендерди күтө берип, жадады. Бул жерде кагылыш болуп калса кандай болот деп, жердин уусун чалышты. Эриккенде тоо аралап, кийик атышты. Эки күнү, эки түн тыным албай жер чалып, экөө ардемени акылдашып, кайсы колду кай жерге койсо болорун чектешип жүрүп, чарчап да бүтүштү.

Акырында Манас айтты:

— Булар мынча неге кечикти? Чубак, сен береги айгыр жал жончо мунарыкка бар, жолдошторундун жолун чал, дүрбү сал, кокус жоо карааның көрсөң мага тезирээк келип кабар бер. Кирпигим жаман катыптыр, чыканак салып кичине чырым этип алайын.

Деп, Манас асты жактагы анча-мынча талы бар кабакка түшүп, кырчынын кыйрай жазданып жата кетти. Чубак жолуна түштү, Манас чырым эткениби, тарс катып уктап калды.

Тийип чыккан санжылкыны кызыл эт кылып албайлы деп, Алмамбет менен эр Сыргак Аят суунун жээгине өргүтө жайып токтогон. Ма-

рал Сууда күтүп жаткан Манас менен Чубакка жеткиче дагы эки күн, бир түндүк жол бар. Таңга жуук чак экен, Карткүрөң өзүнөн өзү азынап, жылкы имерип чаап калыптыр. Алмамбет ойгонуп алып, касиеттүү Күрөңдүн бир сезгени бар го деп, жата калып, кулагын жерге төшөдү. Кай тараптан экени билинбейт, жер туюктан дүңгүрөп, титирегендей кыязы. Бирок жаткан жери тынч, солкулдаган белги жок. Ошондо Алмамбет баатыр: «Аа! — деди. — Карткүрөңдүн тынчы бекер кетпептир, Коңурбай кол баштап, артыбыздан куун келаткан тура!» Алмамбет шашып кийинип, Сараланы токуп, каруу-жарагын алып, жылкынын наркы четинде жаткан Сыргакка чапты. Сыргак бейкапар уктап жатыптыр, аны Алман ойготту.

— Күрөң туйганды мен туйдум, мен туйганды сен туйдуңбу?! — деп шек-шыбаасын айтып берди.

Ал ортодо таң агарып шаң кирди. Турнабайын толгой кармап, Алмамбет алыс чыгыш жакка салды: шектенгендей бар экен, жер майышкан калың караан селдей каптап келатат. Дагы түш жарымдык жол бар.

Эки баатыр добулбасты карс коюп, Алмабашты тарс коюп, жылкыны түрө айдады. Ият суудан өткөрүп алып, Алмамбет Сыргакка айтып турмагы:

— Сыргак, сен жылкыны айдап жөнөй бер. Тетиги Жал-Камыштын жээгинде буйтка тумшук кабак бар, ошерде өңүп тура тур. Мен Коңурбайды тосоюн. Жакын кирип келгенде алдынан булт этип чыга калайын. Алмамбет менден качты, арбагым андан ашты деп, Коңурбай колунун көзүнчө бир көрүнүп калууга, көңүлүн бир көтөрүп алууга артыман сүрө кубалайт. Ошентип алыстатып колунан, сени жандай өтөйүн. Коңурбай как тушуна келгенде капталынан атып чык, калабалуу немени кабыргадан сайып чык. Төрөсү учуп түшкөн соң найза салар аз калар, арбын да болсо жазганар...

Орчун кошуун артында, Алгараны алкынтып, очогор мылтык ийнинде далкылдап отогот-динсе мандайында жаркылдап, төбөсүнө сайынган тоту куштун куйругу желкесине жалпылдап, кол баштаган, жол баштаган Коңурбай. Артында кыркаар тизилип, Кырмус шаарынын Мурадылы Кызыл жейрен минген, катарында белине казандай күрсү байланган Нескара, калмактын кары баатыры Ушаң... дагы-дагы менменсинген көсөлдөр, окторулган оёндор. Күлдү аскер топ-топ бөлүнгөн: күрсүчүлү бир бөлөк, найзакери бир бөлөк, кылыччаны бир бөлөк, жаачылары бир бөлөк. Булардын баары атчандар. Атчандардын артынан чаң отуруп суюлган жерде жөө аскери кумурскадай жыбырап, уч-кыйрына көз жетпейт.

Маралдай таноо дердендеп, элирип турган Сараланын куюшканын узартып, көмөлдүрүк кыскартып, чап олоңун бош тартып, басмайылын бек тартып, шашып жатты Алмамбет.

Колдон үзүлүп, алдыга кеткен Коңурбайдын артынан Ушаң баатыр жете келди.

— Буруттардын тукуму эмес, Чылабанын сийдиги согушка туулган Алмамбет анткор амалкөй эле, байкоосто андып турбасын, аскериңен бөлүнбөй астараак жүрсөңчү,— деди кексе кары.

Анда Коңурбайдын ачуусу келип:

— Өңчөй калмак көйтөрө артымда силер келатсаңар алдыман мисбакпай чыкчу ким экен! Алмамбет эмес өңүттө Манас өзү турса да даап чыгып көрсүнчү, чымчыктай башын жулайын! — деп ого бетер дарданып, Алгараны теминди, артка таштап Ушаңды узап кетти алдыга.

Дүбүрт угуп, каны дүргүп, Сарала туйлайт алкынып. Сырнайзасын карыга алып, Алмамбет өңүттө турду зымпыйып. Коңурбай дал тушуна жете бергенде «Манас!» деп ураан чакырып, айкырыгы баш жарып, атып чыкты Алмамбет. Сырнайзаны сундуруп, айкырып кулак